63.3(2)Кыр1
У 76



У. Үсөн



# Улуу талаанын урпактары

Формуляр книги

436517

Усон М.

70т.

«Манастын»
1000 жылдыгына карата



Мурзапар Үсөн — 1948-жылы Баткен чөлкөмүнүн Кара-Булак кыштагында туулган. Оштогу мугалимдер институтунун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүргөн. Мурзапар Үсөн көп жылдардан бери өзүнүн публицистикалары, тарыхый очерктери менен жумуруяттык окурман-дарга ысмы белгилүү болду.

Азыр ал Баткен районундагы Кара-Булак орто мектебинин директору болуп иштейт.

63.3(2)Кырг
У 76

# М. ҮСӨН

# УЛУУ ТАЛААНЫН УРПАКТАРЫ

(тарыхый эссе)

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 436517



ХРАНЕНИЕ

63.3(2Ки)кырг

ББК84Ки 7–4
Ү–

Музапар Үсөндүн калемине тарыхый эсселер таандык. Алардын көпчүлүгү өз учурунда мезгилдүү басма сөздөрдө жарык көргөн. Анын ичкилик кыргыздардын, кыпчактардын тарыхына илимий ой жүгүртүүлөрү бүгүн да актуалдуулугун жогото элек. Өткөн күндөрдүн учугуна ынтызар китепкөйлөр бул китептен тарыхтын белгисиз жаңы барактары менен кездешет.

Китептин чыгышына чоң көмөк көрсөткөн Баткен райондук маданият бөлүмүнүн башчысы Гыламидин Абдрахманов, каржылаган Баткен райондук мал чарба машина станциясынын директору Мамасыдык Султанов.

**Ү–4702300100** **ББК84Ки 7—4**

© Кыргыз жазуучулар Союзунун көркөм адабият жайылтуу Бюросу
© Баткен райондук мал чарба машина станциясы

# Улуу талаанын урпактары

1. Кыпчактар ааламында.
2. Улуу көч.



«Бул ааламда кыпчак жүрбөгөн жер жетим»
*Отрардын амири Кайыркан.*

# УЛУУ ТАЛААНЫН УРПАКТАРЫ

## 1. Кыпчактар ааламында.

«Билебиз чын, биз алардын кимдигин,
Алар бизге, бир тарыхта кезиккен.
Чөл достору... балдарынын киндигин,
Талаадагы бороон менен кесишкен».
*«Кыпчактар».*

«Башта мага атың гана угулган,
А мен азыр чыгып тарых бурчунан,
Сени таанып, артыма шарт бурулгам,
Кантсе да биз талаа досу, бир тууган».
*«Кыпчактар арасында».*
*Суйүнбай Эралиев.*

Дайра жээктеп келатты, кырктын кырындагы эки танабында чачы кетип, кашкайган жазы маңдай кыпчак жигити.

Ат ойнотуп айгай салбаганы менен ойноктогон оттуу көзү чанагында чыңалып, ата кейпинде калган окшоштугу дале бар. «Асман аттарына» ныгыра олтурчу басавлат келбети дагы эле сүрдүү. Кынына батпаган жанын шамалдай сызган аттын жалында ойнотуп, көздөрүндө от күйгөн кыпчак теги бүгүн минтип кумга сиңип, күкүмдөнгөн алтындай кай жерлерде жүрүшөт, кай жерлерде калышты аты, заты белгисиз.

Атам раматылык: «кыпчак тегин мойнундагы үч бүрчөк тумарынан, пеш каратып кийген шоңкогой жырык калпагынан, маңдайындагы бырыштуу кабагынан билесиң,» — дечү эле. Атамдын сынчылдыгына кийин тан берип жүрбөймүнбү. Көрсө, сынчыл келген кармыш-кыпчактарга жээн экен. Али кыпчактарда «эр тагайын (тагасын) тартат» деген кеп да бекеринен айтылбаса керек:

Жастык тартып жатпаган,
Беттегенден кайтпаган,
Кайратыңдан билчү элем.
Шырп алдырбай чүрөйгөн,
Сактыгыңдан билчү элем.
Кажылганды койбогон,
Бөрү болуп жойлогон,
Каарыңдан билчү элем.
Талаа болуп кеңдигиң.
Кай жерлерде жолуксам,
Пейилиңден билчү элем.
*(Элден).*

Дайра жээктеп бараткан жигит көөнө заманга кайрылды: «Аттуу, баштуу, атактуу жоокер элдин тарыхта ээлеген орду кана? Жер балдарынын ишениминде калгың келсе жашырбай айт, таги-түгүмдү билейин. Ким болгон алар өзү?»

...Оо, кыпчактар ааламы кезинде эзелки дүйнөнүн бир өңүрү эле. Кесиби жоогерчилик болуп, анын чеги орто Ыртыштан тартып Жунгар тоолорунан Кара-Деңизге, Балкан жарым аралына жетип, чыгыштан Сары-Деңизге чейин созулган «Дешти-Кыпчак» бепаянында өмүрлөрү ат жалында өткөн. Бул жерлерди кыпчактар кылычтын мизи, сыр найзанын учу, баатырлардын каны, кызыл кочкул тер чыккан Даван (Фергана) аттарынын төгүлгөн тери аркалуу жоктон бар кылышкан. Кыргыздарда «дубан жарган күлүк» деген аңыз кеп бар. Ошо Дубан-Даван күлүктөрүнөн улам айтылып калган сөз. Же орустардын Куликов талаасычы (Куликовское поле). Орустарда ү тыбышы болбогондуктан ү у болуп айтылып, күлүк-кулик болуп калганы шонон. Болбосом ал нагыз кыпчактар атаган «күлүктөрдүн талаасы». Же төгүн десеңиз жазуучу Орозбек Айтымбеттин «Улуу баатыр баянынан» мындай тарыхый мисалды тартып көрөлү: «Даван хунндардын» (бу жерде кыпчактар жөнүндө сөз болуп жатат — О. А.) батыш тарабында; (кытай) борборунан 10000 км (5000 чакырым) алыстыкта жатат. Давандыктар отурукташкан эл, дыйканчылык кылышат, күрүч менен буудай эгишет. Алардын жүзүмдөн тартылган шарабы бар. Аргымактары көп (кытайча шань-ма деген сөз «Мыкты аттар» деген түшүнүктү билдирет, ал заманда кытайлар туран аргымактарын ушинтип аташкан). Ал аттардан кызыл кочкул тер чыгат жана алар «асман аттарынын» тукумунан келип чыгат. Шаарлар менен үйлөр бар. Даванда чоңу жана кичинеси болуп отуруп, бардыгы 70 ке жакын шаар бар. Алардын эли бир нече жүздөгөн миңге жетет. Куралдары жебелүү жаалар менен найзалар. Ат үстүнөн атканга чебер келишет. (Бичурин, 2 т, 149-бет). Айтор, бөрү замандын чеңгелинен суурулуп, өз нуркун сактап калууда отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн, катылгандын катыгын берип, өлүмгө өжөр караган, айтканынан кайтпаган кыпчактар (гунндар) биздин заманга чейинки жер көчкөн жарыпыктарга туруштук берип, Искендер Зулкарнайдын тушунда сак аталды. А, эзелки кыпчак түшүнүгүндө сак-куштун канаты, адамдын канаты деген маанини билдирет. Ансыз деле кыпчактын канаты ат. Же кыргыз жумуруятындагы тогуз уруу кыпчактарда (ушу күнгө Баткен чөлкөмүндө жашашат) сак деген сөз мезгил өтмүшүнө

баглык куштун канатынан жасалган жазгыч каламды түшүндүргөн. Анан дагы сактын бир мандем кыябы элдердин кыпчактарга берген барк-баасы да төгүн жер-ден айтылбагандыр:

«Шырп алдырбай чүрөйгөн,
Сактыгындан билчү элем».

Айтор, сөз тарыйкасы өзүн сак кармаган эл деген кептин төркүнү да ошо кыпчак (хунн) доорунан калган сыяктуу. Катылганды какшатып, жипкирине жеткире сүрүп келген жоону ким жакшы көрсүн? Ошон үчүн кыпчактар жер бетине түрдүүчө кемсинтилген ысымдар менен (Азыр деле кыпчак десе төбө чачы тик турчу адамдар бар. Тарых дегенге биз күнү бүгүнкүдөй мамиле кылышыбыз кечиримсиз түшүнүк деп ойлоймун. Ал доорлор баатырдыктын, душманына жеңилбес таймаштын замандары эле го — М. У.) аталып келишти. Ангип өз намыстарына тикесинен тик турбаганда Искендердин тушунда, же кытайлардын селдей каптаган жапырыгында (ошол эле Ли Гуанли (Эршинский) бир кабарда, б. з. ч. 97-жылы хунндарга каршы 60000 атчан жана 100000 жөө аскер менен кол салып, натыйжада бүт аскери кырылып, өзү Манастын жетинчи урпагы Кулансарык Чоң бийдин (Цзюйдихэу Шаньюй) туткуну болгон. (Бичурин 1 т. О. А. «Улуу баатыр баяны») азыркы кыргыз, казак, өзбек, түркмөн калктарынын эл болуп калыптанышына негиз болалмак эмес.

Жерлигинен узак доорлорду баштан кечирген Хунндардын маңкул-татар жапырыгына чейин жашап келишин белгилүү тарыхчы Н. Л. Гумелев «Хунндар» деген китебинде «Хунн — заманасы эр жүрөктүүлүктүн, баатырдыктын, палвандыктын заманы!» деп акыйкаттуу тан берип жазган. Азыр эми ошо мырза күчтүн асыл нуркун кыпчак жигиттеринин дээринен издейсиң. Аталардын айкөл пейли калдыбы дилинде, чулудай уюган теңдешсиз күчтүн бир учкуну жанабы тулкусунда? Кайдан, карылуу, шадылуу колдор найдай ичкерип, кучак жетпеген чынардай бел майышып сынам деп турат. Баягы дөөкар пейилдин марттыгы тарып, ат жалында өткөн эркиндиктен, «Дешти-Кыпчак» бепаянынан айрылганы качан. Дулдул аттарына минбей калганы качан. Келип-келип пейли өзгөрдү кыпчактын, кебете-кешпири өзгөрдү, тили буулду. Келип-келип жалгыз гана аталардын керези «балам, билип жүр, тегиң кыпчак» деген сөздүн ишеними калды көкүрөгүндө.

Али кыпчактарда тээ ата-бабалардан берки мындай кеп

дагы эле айтылат. «Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол». Ушу сөздүн өзүндө эле кыпчактардын бала тарбиялоосу көрүнүп турат. Кудум эле «спартанчылардын» катаал тарбия мектебиндей, кыпчактар да жигиттин ат жалында өсүп, эркектин эркектей кайраттуу болушун сүйүшкөн.

«Жолборс сүрдүү алы бар,
Жүрөгүндө жалы бар».
*(Элден.)*

Көөнө тарыхта да булардын баатырдыктарын айыгышкан салгылаштарда, өз кызыкчылыктары үчүн бирөөлөрдү басып алууда, өзүн коргоп калууда пайдаланышканы маалым. Кытайлар вэнь-ван «ак саргыл чачтуулар» дешсе, байыркы рустар Игордун тушунда «берендейлер» дешти. Ал эми француздар Наполеон Бонаparттын жортуулунда «мөмүлүк-төр» атыккан кыпчактарды пайдаланышты. Мындагы тарыхый далил Москванын четиндеги археологиялык казууда табылган үч бүрчөк тумарлардын бардыгы, демек кыпчактар бул согушта Бонапартты коргоочу жалданма аскер болуп катышкан (гезиттик макаладан). Же Грумм-Грижимайлонун «Западная Монголия...» деген тарыхый эмгегинде мындай деген жерлери бар... Чжоу мамлекетинин өзүнө баш ийген жун (гунндардан чыккан) урууларынан салгылашта аябай такшалган (бул жерде кыпчактар сөз болуп жатат — М. У.) жалданма аскерлери болгон (69-б.).

Мына ушунун өзүндө «урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай», жоогерчилик менен өмүр кечирген эл көз алдыңа тартыла түшөт. Билсек бул коркунучтуу эмес, бул — ошо бору замандардын каарына ким туруштук берип, өзүн коргой алган эл гана жашайт деген акыйкаттуу бүтүм. Менин туюмумда ушундай. Анан дагы орус агаиндердин «берендей» деген сөзүндө да кеп бар. Жогоруда кытайлар кыпчактардын эр көкүрөктүүлүгүн согуштарда пайдалангандай орустар да «половецтерден» куралган аскерлерди согуштун эң татаал жерлерине жөнөтүш-көн. Аларды рустар «берендей» деп аташкан.

Берен —кыраан, эр деген түшүнүк. Азыр кыргыздарда берен, береним деген сөз кеңири колдонулат. Береним — эр азаматка карата кыраaным,кыйыным деген маанини чечмелейт.

«Береним белин чечпеди,
Беттегенин бербеди».
*(Элден.)*

Мында дагы Европа деген сөздүн кайдан келип чыкканын да биле жүргөнүбүз жакшыдыр дейм. Европа (кыпчак сөзү) ер — жер, опа — алыс, жери алыс, же алыс жер деген түшүнүк. А «кыпчак» деген сөз каяктан келип чыккан? Ким болбосун эң оболу ушу кептин этимологиясына назар таштайт. Атам ырамат‌ылык айтып калаар эле: «Илгери кыпчактар (урпактарын айтып атат) жоого аттанганда талааны кызыл байрак (кыпчактар тууну байрак дешсе, кыргыздар асаба дешкен) каптап калчумуш. Ак сыр найзаларына да кызыл кытай шайысынан байлап алчумуш. Байрагында болсо кайраштырылган эки пычак тартылып кыпчак деген сөз ошо эки пычактын (эки пычак-кыпчак) келип чыккандыгын, анан дагы канатташ жашаган кыргыздарга (алардын асабасы ак түс болчумуш) дайыма көмөктөш болушуп, жоого күтүлбөгөн жерден чагылгандай тийгенде «купчагында гана келишти» деп купчагында келгендер кийин кыпчак атанганы ошонон калган деп айтышчу билерман аксакалдар. Бул сөз муундан-муунга келаткан куйма кулак санжыра. Бирок кытай тарыхчылары жазып калтырган санжыралардан пайдаланган О. Айтымбеттин мындай деген жери бар: «Байыркы кытай санжырасындагы ди (кытайча «талаалыктар» деген түшүнүктү билдирет) деген тайпа ошол ичкиликтер. А «бай-ди» дегини «түндүктөгү талаалыктар» дегенди билдирсе «чи-ди» деген «кызыл талаалыктар», не дегенде ичкиликтердин (кыпчактардын — М. У.) туусу кызыл болгон: «Чилэ», «тиелэ» деген аттар ичкиликтердин андан кийинки кытайча аттары».

Айтор, кыпчактардын тарыхый өтмүшүнө үңүлсөк бул кечээки эле бир мүйүштөн чыга келген (ушул күнгөче кыргыз-дардын бир уруусу катары карап келатышпайбы) уруу эмес. Тарыхтын оома-төкмө 'мөлчүр кыбагасы ушунданбы, көөнө дүйнөнүн көзү болуп келген жоокер эл өзү мекендеген «Улуу талаасына» көп улуттуу элдердин жаралышына негиз болуп берип, акырында өзүнүн атын, затын, тегин, тилин таппай ошолорго камыр-жумур сиңип кетиптир. Бу жерде кыпчак элинин баатырдыгына шайкеш келген мүнөзүнүн ийкемдүүлүгүнө да тан берсе болот. Анткени, табиятынан пейли «Дешти кыпчак» талаасындай кенен, мүнөзү катаал болгону менен дили, тили, жумшак, ийкем келип, мындан менин айтайын деген‌им кыпчактардын кайсы элдерге жуурулушуп кеткенин, тегин сүрүштүрүп гана билбесең анын кыпчак экенин тануу кыйын. Кыргызы кыргыз, өзбеги өзбек, казагы казак болуп кеткен.

Мына алыс барбай Карбоз Дыйкановдун баба тилинен

тараган кыпчак диалектикасын эле алып көрөлү. Окумуштуу «С. К» (13.XII.90.) гезитине «Тектеш тилдер туврасында» деген макаласында атайын кыпчак говору менен берген. Ал эми өткөн жылдары Азербайжанда чыккан «Адабиет ва инжесенет» (16.XI.90. №45) жумалыгында «Кыпчактар дүйнөсү жана бул күн» деген макала жарыяланыптыр. Макалада ноябрь айында каракалпактыктардын борбору Нукуста дүйнөгө белгилүү түркологдордун «Кыпчактар ааламына» багышталган илимий конференциясы өтүлгөндүгү жөнүндө баян этилет: «Түрк калктары арасында саны жагынан огуздардан кийинки орунда кыпчактар турат. Бу күнкү кыпчактардын байыркылыгы доорубуздун 203-жыл мурдагы Чин (кытай) хроникасында кездешет. Ушу күндө саны жагынан 18 миллиондон ашкан кыпчактар казак, кыргыз, каракалпак, татар, карачай, балкар, кумук, алтай, ногой, караин элдери менен бирдикте жашап жаткан учурлары. Алар өзбектердин, түркмөндөрдүн эл болуп калыптанышына да негиз боло алышкан,» — деп жазат филология илимдеринин доктору Агамуса Ахундов.

Демек, элдеги айтылып жүргөн сарт-кыпчак (өзбекстандагылар), кыргыз-кыпчак, казак-кыпчак деген сөздөр бөөдө жеринен айтылбайт экен да. Мисалы Ш. И. Иногимовдун каттоосу боюнча Ферганада (Даван) жашаган кыпчактардын урууларын алып көрөлү; ящык (жашык), ульмас (өлбөс), бугач жайдак, пышкен, сары кыпчак, тоз (таз), кызыл муш, тортайлык ж. б. Ал эми Наманган областындагы кыпчактарда жогорку уруулардан башка да мындайлары катталган: пүчкөй, богоз, курама, кулан, айбайры, чиляль, чирик, жети кашка (С. М. Абрамзон «Кыргыздар» 1971).

Ал эми кыргыз-кыпчактардагы торайгыр-кыпчагы (Манас баш болгон Эр Төштүк, Курманбек, Олжобай баатырлардын теги — М. У) кыргыздар менен казактардын орто жүзүндө, Мажарстанда (хунгарияда) жашашат.

Менимче, кыргыздардагы тогуз уруу кыпчак жөнүндө али жарытылуу маалымат деле жок. Кээ бир тарыхчылар кыпчактарды кыргыздардын бир уруусу катары карап келишет. Мен буга жаңылыштык деп кесе айтаар элем. Чыңгызхандын жапырыгында (1218) башка элдерге жуурулушуп, ошолордун куралуусуна негиз боло алышкандай эле кыргыздардын бир ныптасы тогуз уруу кыпчак он уул ичкилик кыргыздардын курамы менен эсептелинет. Шу күндөрдө Кокон хандыгынын зылзыласынан калганы (Кудаяр хан 20 миңден ашуун кыпчакты «бигдай» дедиртип базар аянтында кырганы тарыхта белгилүү). С. М. Абрамзон белгилегендей,

байыркы ата-бабалары хунндар (гунн) мекендеген Баткен чөлкөмүндө Кара-Булак, Каңсык, Кара-Бак, Самаркандек, Зарташ, Ак-Турпак, Бужун, Кара-Токой (балким биз издеген орто Бээжин ушу тыбыштык жагынан өзгөргөн Бужун болуп жүрбөсүн?) бепаяндарында тогузу тең бар: торайгыр, таз, гожомүшкүр, жартыбаш, шерден, кармыш, омонок, жаманаң, алтике.

Ал эми кытайдагы синьцзян — Уйгур автономиялык районундагы кан-кыпчак менен товур-кыпчакчы. Жакында Венгриядагы (Мажарстан) 100 дөн ашык уруктар менен аталган кыпчактар жөнүндө түркологокумуштуу Иштиван Коңур Мандоки (өзүнүн теги кыпчак) кыргыз жергесине келүү менен кыпчактар жөнүндө айтып кетти. Бу жагынан, менимче казак туугандар кыпчактардын тарыйка тагдырына адилет карашат. Белгилүү акын-жазуучулар Олжас Сулейменов менен Ануар Алимжанов тарыхый чыгармаларында («Азия», «Возвращение учителя») адилеттүүлүк менен кандай эл болбосун ошолордун чындыгын жашырбай айтып калууга батынышкан. Буга ыраазы болбогондо анан эмне демекчибиз. Балким бирөөлөргө кыпчактар баш көтөрчүдөй коркунуч бийлеп: «Олор жөнүндө сөз кылбагыла, асли кыпчак деп атабагыла» — деген сөөгүндө калган кекчилдик бардыр. Бу туура эмес, тарыхка өткөн менен бүгүнкүнү салыштыруу аркылуу мамиле кылуубуз жарабайт. Кыпчак эли кайрадан куралабы деген акылга сыйбаган чочулоо менимче жеткен акылсыздык. Кантип эле нурку башка элге сиңип кеткен кыпчак бүгүн бөлүнө калсын. Максат чачылган кыпчактарды баш коштуруу эмес, алардын тарыхтагы ордун кайырып берүү, чүмбөттөлгөн көөнө жүзүн ачып көрсөтүү. Бул жагынан алганда тарыхтын күйөрмандары эртеби-кечпи адилет сөздөрүн айтаарын ишенем. Кайра жаралуунун шарапаты менен байыркы кыпчак эли карт тарыхтан кайрадан орун алуусу адилет иш деп түшүнөм.

Мен өткөн 1990-жылкы «К. М» жумалыгынан (20.XII. № 51) Тынчтыкбек Чороевдин «Шаакерим жана анын мурасы» деген макаланы окуп калдым. Кунанбайдын небереси Кудайберди уулу Шаакеримдин түрк, кыргыз, казак жана хандыктар санжырасында тайманбай, казагыма доо кетет дебей эле ачык жазып калтырыптыр. Окуп көрөлү: «Иш жүзүндө казактардын эл болуп калыптануусуна негизинен этнос катары ролду кыргыздар эмес өз мекенинде (азыркы Казакстан аймагында — Т. Ч.) калып калган кыпчактардын бөлүгү ойногон».

Кандай калыс сөз. Билимдүү адамдын ниетинин, дээринин

тазалыгы көрүнүп турат. Мындайлык ошо инсандын маданиятынын жогорулугу, өзүн эмес, өзгөлөрдү кошо сүйө алган, кадырлай алган рухий дүйнөсүнүн тереңдиги, тунуктугу менен байланыштуу.

Туура, «Манас» эпосу кыргыз элинин теңдешсиз чалкып жаткан эпопеясы. Аны эч ким тана албайт. Орозбек Айтымбет жазгандай: «Манас баатыр, анын урпактары тууралуу улуу ырды эл жараткан! Ал элдики! Кыргыздыкы! Алгачкы сабынан тартып, эң акыркы сабына чейин өзүбүздүкү! Мында бизден башка эч бир элдин доосу жок! Чын, ошондой улуулукту ырдаган да кыргыз, даңктаган да кыргыз. Чын, бул олчойгон тарых-дарегин кыргыздар гана биздин күндөргө жеткире алды. Бул жагынан кара күчтүн кудайы болуп келген гунндардын (кыпчактардын) баатырдыгынан да ашып түшөт. Бирок ошондо да мындай тарыхый далилди эске тута жүргөнүбүз оңдур дейм. Анткени тарыхта Эр Манастын асыл сөөгү кыпчак деп жакынкы ачык айтып, ак сүйлөөнүн таасиринен белгилүү болуп атпайбы.

Мына, биз Баткен чөлкөмү жөнүндө кеп кылганыбызда кыпчактардын байыркы ата-бабалары мекендеген гунндарга келип кабылабыз. Мына ушу тарыхый чындыкка төп келишкен «Манас» эпосундагы Испара (азыр Тажикстандын аймагында калган, Баткен кыштагынан 22 км, түндүк, батыш жагындагы Исфара калаасы) гунндардын ата конушу Модукан (Манас) Алтайдан Кара-Тоого көчөрдө, журтка кайрылып мындай деген жери бар:

«Баштан аяк сурадым,
Атамдан калган жер экен.
Намысты кыргыз санайбы,
Ынтызар болдум алууга,
Испара менен Алайды
Алдырып коюп кытайга,
Намысың жоктон жүрүпсүң».
*(С. Орозбаков «Манас»)*

Айтор, буларды биз үйрөнгүчөк, барк-баасына жеткичек көп тарыхый мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланбай кур калыппыз. Биздин доорго чейинки, археологдор айткандай уурдалбай сакталган Кара-Булак көрүстөнү элдин айтымында «мыктын гөрү» (К. С. Э га Кара-Булак көрүстөнү болуп кирген III т. 145-б) деп аталып келген. Мындагы окумуштуулардын, археологдордун эки ача пикирине тең кошулса болот.

Археолог Ю. Баруздиндин (1954) аныктоосунда б. з. ч. II—IV кылымына таандык десе, окумуштуу-тарыхчы Заднепровский б. з. ч. IV—II кылымга апарып кытайлар юэтчи

(кушчу же кушан) аталган хунндардын бир уругу деп белгилейт. Албетте, бул орус археолог-тарыхчылары тарабынан берилген аныктамалар аздыр-көптүр Баткен жеринин байыркылыгынан, элинин эзелкилигинен (мында 60 миңге жакын ичкилик уруулары жашашат, кыпчак, аваат, нойгут, тейит, найман) кабар берет. Бирок, бул ачыла элек санжыра сандыктын чети али оюла элек, бир үзүм гана дареги. Биз муну менен жерге таануу тарыхыбызды үйрөнүп жатабыз деген ойдон алыспыз, айтып бергенге илими бизде жетишпейт. Бирок Олжас Сулейменовдун: «Элим эмнеге муктаж болсо мен ошо болуп бералам» — деген сөзү азыр менин башыма келип, ошондой жооптуу парзды аткара аламбы, көтөрө аламбы деген түйшүктө жүргөнүмдү кантип жашырам. Бул үчүн мени эч ким күнөөлөбөс. Тарых талаш-тартыштан жүрүп олтуруп өз чындыгын жаратат эмеспи. Балким менин кас-кас баскан ишенимимдеги чындык канчалык деңгээлде кыпчактардын тарыхтагы ордун ачып бергиси бардыр.

Али адамдардын тамыры ажарыктын (чөптүн бир түрү) тамырындай ушунчалык тарам-тарам келип өз атаңдан жети атага, андан ары кылы-кыштыңа карай тереңдеп бара берсең биринде болбосо экинчисинде кошулуп, бир атанын балдары болуп чыгарыңа шек жок дешет карылар. Муну мен кыргыз элинин белгилүү акыны Кубанычбек Маликовдон улам тан берип олтурбаймынбы. Түп аталары ушу Баткенден ооп баргандыгын өзү айтпаса биз кайдан билет элек. Көрсө, Иманалы уулу Кубанычбек агабыз жетимишинчи жылдары өзү атагандай «Байыркы аталар жерине» келип минтип ырдап жазганы эсимде: «Ушу ырлардын жалпы аталышын «Байыркы аталардын жеринде» деп койдум. Мен көп жылдар бою «Манас» эпосун изилдедим. «Манас» эпосунун кыскартылып бириктирилген вариантынан' чыккан 4 томунун 1—2-томдорунун түзүүчүсү болушум, ошол изилдөө ишимдин бир жыйынтыгы. «Манас» эпосунда кыргыз тукумдарынын эң байыркысы ушул ичкилик тукумдары экендиги (азыркы Лейлек, Баткен, Кадамжай, Жаңы Ноокатты жердегендер) айтылат.

Ушул күндөрдө кыргыздын эң байыркысы болгон ичкилик тукумдарынын жеринде болгонума сыймыктанам. Ичкиликтердин бүгүнкү тукумдарына, жер-суусуна арналган ырларымды да зор кубаныч менен басмага жарыялаймын».

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

«Бирге учуп көлгө кончу өрдөк менен,
Менин да бир Баткенчи болгум келди».

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Баткенди көрбөгөнүң армандасың».
(«Ленин жана Ысык-Көл», 1974, 123–24-б.б)

Аттиң десең, бир кем дүйнө! Ооз ачырбаган, ченеп-бычылган сөздөн ашыкчасын айттырбаган сенектик жылдардын айынан Кубанычбек агабыз өзүнүн теги баткендик кыпчактар жөнүндө айтып, жазганга корунуп жүрүп, жок дегенде бир келип кетейин деген экен да деп каласың.

Бир жолу «Чалкан» журналынан Салижан Жигитовдун «Кукемдин куйкум сөздөрүнөн» деген туздуубай макаласына көзүм түшүп калды эле, анда мындай деген жери бар, сизге ишенимдүү болсун үчүн окуп көрөлү: «Кубанычбек аганын адатынча ошо замат таамай жооп кайтара албай саал-паал алдастап калганын бир гана жолу көрдүм. Анда Кукең өзүнүн уруусу жөнүндө бирдеме дегени жаткан.

— Биздин уруу Төкөлдөш деп аталат. Түп аталарыбыз ушу Баткен тараптан ооп келген экен. Кубанычбек Иманалиевич ушинтип сөз баштаганда эле мен чап жармашып, мындай деп коё бердим.

— Айтам да, сиздей кишинин солтодон чыгышы мүмкүн эмес...» («Чалкан», №6, 1990)

Мен бул жерде эмне үчүн акын агабызга кайрылып отурам. Максат анын баткендик кыпчактардан экенин аныктап такташ эмес. Ал кишинин жерлигинен түпкү ата-тегин унутпай «Манас» бабасынан бери изилдеп келген тарыхчылдыгына кайрылам. Кайсы бир деңгээлде «Манасты» изилдеген окумуштуу-акындын бөөдө жеринен айтылбаган сөзүнүн бир мандемин чечмелеш. Көзү ачык акын жок жеринен «Байыркы аталар жеринде» деп айтпады да. Мына, алыс барбай Баткен чөлкөмүндөгү жер, суу аттарына эле кайрылып көрөлү. Буж-гун (Бужун кыпчактын беш уруусу жашаган кыштак). Же Кени-Гун (тыбыштык жагынан өзгөрүп, жергиликтүү эл Кани-Гут деп аташат). Согди тилинде «гунндардын кени» деген түшүнүк.

Бул барса-келбес гунндардын кенинин сыры али шу күнгө чейин ачыла элек. Көрсө ата-бабаларыбыз кен иштетүүнүн сырларын ошо байыркылыгынан эле билишкен экен. Анын үстүнө бирөө-жарым издеп табалбаган, эч бир белгиси жок, кокусунан барып калбасаң, казылган бир ор дейсиң. Мындай купуя иштетилген кендин орлору Баткен аймагынын бардык жерлеринде кездешет. Муну «кытайлар иштетишкен» деген имиш да айтылат. Чын эле ошолордун таң калтырган иштермандыгыбы десең, байыркы кытай санжырасында хунндардын темир иштетүү өнөрүн жоромолдоп айткандарын

О. Айтымбеттин өз макаласында минтип пайдаланган жери бар. («А. Т.» 6.90. 142-б) «Алардын жери алтын, темир жана калай чыгарат, «Ванхуйту»: алардын мамлекетинде асман жаанынан түшкөн темирлер болот, аларды канжар жана кылыч жасоо үчүн чогултуп алышат, кадимки темирден айырмаланып турат. Бир ирет ошол жактан келген элчилерден темирдин кантип алынып атканын сурашса жашырып айтпай коюшуптур. Бир гана темир өтө бекем жана курч, шиш эң жакшы жана кылдат деп жооп беришиптир».

Мында биз асман жаанынан түшкөн темирди эмес, кудум ушу Баткен кендеринин жашырын иштетилгендигин көрүп турабыз. Чын, табияттын сырларында асмандан түрдүү нерселердин жаагандыгы анык. Бирок гунндардын жерине дайыма эле темир жаап турбаса керек деген ойго келесиң. Бул болду-болбоду эзелтен купуя сыр бойдон келаткан гунндардын кени так ушу Баткен бепаянындагы оозу ороонукундай кендердин иштетилишин жалтактабай эле биздики деп атасак болчудай.

Айтор, «Улуу Талааны» кезип жоогерчилик менен күн көргөн гунндардын (хунн) урпактары отурукташып тынч турмушка өтүшкөндө өз мекенинде калып калганы ушу Баткендеги тогуз уруу кыпчактардын ата-бабалары. Буга далилди үрп-адат, салт-санаасынан, тилинен, дилинен, колдонгон буюм-тайымдарынан тапса болот. Кытайлар менен болгон соода-сатык байланышынан калган мына мындай сөздөр бар: чын седеп, чыны кесе. Бул чын деген сөз (кытай) деген түшүнүк да. Демек, кытай седеби, кытай кесеси. Же орус агаиндер ыңгайлуулугуна жараша өркүндөтүп олтуруп өздөрүнүн төл сөзү кылып алышкан чемоданды эле алып көрөлү. Көчмөн жоокер элдин шартына буюм-тайымын чачпай тыкан атка арта салып кете турган бир капчык керектеген. Мына ошону кыпчактын чебер аялдары саймалап, коноздоп чавадан атыктырышкан. Чава (кыпчак сөзү) бир нерсе салганга, куйганга ыңгайлуу буюм. Демек, чавадан кыпчак жоокерлеринин минген күлүгүндө кийим-кечегин салып жүрүп, акырында Европанын цивилизациясына аралашып кетип чемодан атыкты. Азыр деле кыпчактар кыз бергенде сепке кошуп эң кооз чавадан баштыктарын беришет. Анткени, кызым сеп буюмдарын ошо чаваданга салып жүрсүн дегени. Же ат, эшекке салып, буюм-тайымын алып кеткенге ыңгайлуу эки көздүү гуржунду эле канча сөз кылса болот. Гур-чуңкур, жун (кытайлар гунндарды бир учурда жун деп да аташкан) жундардын чуңкуру деген мааниге келип турат.

Айтор, кыпчактар жөнүндө кай тарабынан сөз кылбайлы, али ачылбаган, эч ким даап барбаган сырдуу арал сыяктанат. Билсек ошо зор чөлкөмдүү эрдиктерге жык толгон кеңдикте жашаган кыпчактардын пейли, тили, салт-санаасы, үрп-адаты өзгөргөнү менен көкүрөгүндөгү оттой күйгөн өткүр дили кыпчак бойдон калган.

Али Мусурманкул бабабыз өлүп баратып, акыркы кайратын жыйнап турат — кыпчагым, барсыңбы? — дегенчеликке барып калышты эле кайриет бар экенсиң жер бетинде.

— Бармын, ата!

— Тоо өрдөп кет. Элге барып кошул! — дегени эсиңдеби?

— Эсимде.

— Ошо сен, сенин атаң, бабаң, таги-түгүң...

## 2. Улуу көч.

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Күн кечип, ысык чөлдө суу ордуна,
Ай ичип, жылдыз ичип кудуктагы.
Аттан түшпөй көккө учуп кетиңерби,
Көтөралбай жердеги азаптарды.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Ааламдын бир бурчунан, бир бурчуна,
Кыпкызыл метеориттей учуп өтүп,
Кыпчактар, кайда кеттиң алоолонуп,
Бир күйүп, биздин улуу жерди безип.

*«Атчан журт» Эгемберди Эрмат.*

Дайра жээктеп келаткан кыпчак тегиндеги ыйык-ыкластуу мусулманчылыктын адабат мойсопуттугу бекем орногон. Бирок, ал кылы-кыштысы (түпкү теги) бул динди качан кабыл туткандыгы тууралуу билбейт. Кала берсе бул кабылан сүр мырза жигит, кайсы бир кылымдарда кыян-жаян каар замандардын айынан бөлүнүп кеткен кандаштары тууралуу да билбейт. Балким, ушу азыр да өзүңө окшогон кыпчак жигити жери алыстын (Европа) бир жеринде чокунуп турса, кайсы бири чыгышта будда дининин кудайына табынып отургандыр. Балким, өңүн өзгөрткөн Шамдык (Сирия) мөмлүктөр тукумунан калган жигит өзүнүн теги кыпчак талаадан (Сыр-Дарыянын ортоңку агымы менен Теңир-Тоонун батыш кыркасынан тартып Дунай дайрасына чейин жеткен ири аймак) экендигин билер, атасы айтып отургандыр. Мысырдык (Египет) илимпоз жигит XIII—XIV кылымдарда түзүлгөн арапча-кыпчакча, немисче-кыпчакча сөздүктөрдү колуна алып таң кала тиктеп тургандыр. «Бул өзү кандай тил? Кыпчак деген өзү кандай эл? Жер бетинде булар жөнүндө дарек барбы?». Дареги бар Мысырдык илимпоз жигит. Тегиң



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 436517

ким болбо ага менин айтар жообум да белен. Болгондо да орус археолог-тарыхчысы Плетневанын «Половецтер» (М. Н. 1990) деген эмгегинде кыпчактардын тили, көкүрөк дили жөнүндө минтип жазганы бар: «Бул элдин рус менен тыгыз байланышы, алардын тилинин байышына бир учурда жакшы шарттарды түзгөн. Тилекке каршы, половец (кыпчак) тили жөнүндө биз анын бир жарым жана эки миң сөздүү сөздүгү менен гана тааныша алабыз. Айрыкча, ошол мезгилде половецтерде да, орустарда да эки тилди жакшы билишкен адамдар болушкан. Баарынан да орус княздары менен боярлардын балдарынын апалары жана бакма энелери половчанкалар (кыпчак кыздары) болушкан. Алар половец тилин үйрөтүп, ырдашкан. Балдар мындай тарбиядан эки тилдүүлүккө ээ болуп чыгышкан» (145-б.)

Атаганат, доордун бир доорлорунан бери аты да, тили да, өңү да өзгөргөн кыпчак теги бүгүн минтип өзүнө-өзү суроо таштап отурса... буга таң калыштын деле, өзүн-өзү сактай албаптыр деп күнөөлөштүн деле кереги жок. Анткени, бул көөнө дүйнө кечегиле заманды баштан кечирип аткандай туюлганы менен кыпчактар тагдыры жер көчкүлүү доорлордо калчанып, биздин заманга чейин ата-бабалары хунн (гунн), (гунн-кыпчактар көп сүйлөбөгөн адамды гуң дешет — М. Ү.) атыгып «улуу талааны» байырлап, жоокерчиликти кесип кыла көчүп-конуп күн көргөн, кытайлар атаган «каардуу кулдар» эле.

Канткен менен чыгыштан батышка созулган «улуу талаалардан» кеткен «улуу көч» ар элде ар кандай аталып, биздин заманга чейин кытайлар хуннулар десе, гректер скифтер (исседон) деп, персиялыктар — сактар деди. Ошол эле көч биздин заманда араптардын айтуусунда хифчактар (кыпчак) делсе, байыркы рустар половецтер, византиялыктар командар, венгерлер кумандар деп, Мисир, Шамга чейин жеткен көч акыры мөмлүктөр атыкты. Жанагы дайра жээктеп келаткан мусулман жигитинин таги-түгүнүн кантип келип калганын билбей бушайман тартканы да ошондон. Ошо оош-кыйыштуу каар замандардын айынан ар элге сиңип, аттан ат оошкон атактуу журтта кайсы тил калсын. Бирок, бир байкаганым, турмуштук көрөңгөдөн көп туйганым мына бул болду, тил кетсе да көкүрөктөгү дил кетпесин. Минткенимдин да жөнү бар. Али кыргыз-кыпчактарда (бул жерде Баткен чөлкөмүндө жашап жатышкан накта кыпчактар жөнүндө сөз болгону атат) ата-бабаларынан бери келаткен астрологиялык (көзү ачыктык) ой жүгүртүүлөр, айга, күнгө

жылдызга болгон табынуулар, ошолор аркылуу жылдын, айдын, күндүн кандай болорун алдын ала айтуулар бар. Мисалы, ай жаңыдан көрүнсө улуу муундагы адамдар (азыр жаштарыбызда андай саресеп-түүлүк калбай баратат) айдын үчү, төртү экенин боолголоп «жаныбар ай тууптур же көрүнүптүр» деп жакшылыкка жоруп көзүнө сүртүп коёт. Ошондо ай сары тууп короолоп калса же чалкалап калса бул айдын жаанчыл боло тургандыгын, күн кызарып батса эртең күн ачык боло тургандыгын айтышат. Кээде күрдөөлдүү күздүн чызыраган ысыгында нарыдан-бери талаадагысын талаадан, кырмандагысын кырмандан жыйнаштырышып калышат. Бул эмнеси десең ай арасы жакындап калганын айтып шаштырышат. Айткандай эле эки, үч күн өтпөй аба бузулуп, жаан жаай баштагынан таң каласың. Көрсө, мындай турмуштук астрологиялык окууну ата-бабабыз кечээ эле өздөштүрүп албаптыр, мындай байкоочулук илим тээ кылымдарды карыткан түпкүлүгүбүздөн бери келаткан атадан-балага калган өнөр сыягы. Анан дагы өмүрү асман астында көчүп-конуп жүрүп өткөн улуу талаанын урпактарына гана мүнөздүү экендиги эч кимге талашсыз. Мына, ишенбесеңиз, турмуш чындыгынан көрөм десеңиз Баткен чөлкөмүндө жашашкан кыргыз-кыпчактардын салт-каадасынан, дилрасминен, пейил-мүнө- зүнөн билесиз. Аны мен насип кылса ушу иликтөөмдө кеп салты келе калганда айтып олтурарым бар. Бирок, кантсе да турмуш чындыгын тарых далили бекемдеп отурбаса азыркы сизге окшогон окурманды ынандыруу да кыйын. Айтор, жанагы дайра жээктеп келаткан кыпчак жигити атасы үйрөткөн асман галактикасы аркылуу алдыбыздагы жылдардын кандай болорун алдын ала айтып бералабы, жокпу? Кантсе да, талаа элинин дилинде калган, канында келаткан табигатка сырдаш укмуштуулугу мына ушундабы? Мындай экендиктерин мен эле айтып жатканым жок, эзелки кытай тарыхында б. з. ч. 1764-жылдын артында эскертилген хунн деген элдин өтмүшүн иликтеген Л. Н. Гумлевдин «хунндар» деген китебинде кыпчактарга мүнөздүү белгилер эскертилет. Окуп көрөлү: «Хунндар ар жылы жазында ата-бабаларынын арбактарына, жерге, асманга арнап кудайы аш беришкен. Күнүгө эки жолу: эртең менен, кечинде айга зыярат кылышкан. Мындай иш-чаралар ай менен жылдыздардын жайлануусуна карата байкалган. Ошондой эле, хуннулар үр, периште, жыныстарга ишенишкен. Көчмөн элдин аң-сезиминде терең орногон жашоонун уландысы катары эсептеген о дүйнөдөгү турмушка ишенишкен. Ошондуктан,

өлгөн адам наркы дүйнөдө үшүбөсүн деп зарбарак тондорго жана кымбат баалуу терилерге ороп эки табытка салып узатышкан». (Хунндардын дини» деген бөлүмдөн) же болбосом Тургун Өлмастин китебиндеги далилге да таянып көрөлү: «Хунндар негизинен шамандыкка сыйынышкан. Аларга күн кудайы, ай кудайы, асман кудайы (теңирге кол созуп жалынуунун, сурануунун, наала кылуунун белгиси ошонон калган сыягы — М. Ү.) Жер кудайы, жылдыздар кудайы сыяктуу көп кудайлык жайылган эле. Хунндар таң эртелеп күнгө табынышкан, түнкүсүн айга сыйынышкан. Боло турган иштерди алдын-ала жылдыздарга карап туруп айтышкан, ай тутулганда душмандарга согуш менен киришкен, күн тутулганда чегинишкен. (Али ай, күн тутулганда казанды көмкөрүп алып калдыратканыбыз ошо ата-бабалардан калган жамандыктын белгиси тура. Ошо тегибизден келаткан түшүнүк тура —М. Ү.) («Хунндардын кыскача тарыхы «Кашкар, 1986-ж.)

Туура, бул эки тарыхчынын айтымында чындык жатат. Экөөнү окуп отуруп эзелки Дешти-Кыпчак, Орто Азия, Алтайда жашашып скифтер деп аталган, мындан үч миң жылдар илгери хунндар деген ат менен белгилүү болгон элдин тукуму тарых арсеналынан али кетпептир дегендикке толук ынанасын. Ал кыргызга канатташ жашап, ошолордун тектештигинен, окшоштугунан өзүнүн эзелки нуркун сактап калалган ушу кыргыз-кыпчактары экендигине (булар XII—XIV кылымдарда ар кайсы элдердин курамына сиңип кеткендиги тарыхта маалым го) айнытыс көзүм жетти. Булардын турмуш-тиричилигиндеги диндик салт-каадалары, табигатка байланышкан сыйкырдуу күчтөргө ишенүүлөрү (шамандык бакшылар азыр да кыпчактарда бар — М. Ү) аларга сыйынуулары, ыйык тутунуулары, көрсө мындай ишеним мусулман динине эзелки хунндардын тийгизген таасири аркылуу кирген окшобойбу. Мусулмандар дин курулушун түзүүдө хунндардын эң жакшы сапаттарын, тарбиялык мааниге ээ болгон ыйык ишенимдерин алгандыгы, мына XII кылымдын акырларында мусулман динин кабыл тутууга аргасыз болгон хунндардын эң акыркы аталуусу кыпчактардын турмуш чындыгындагы мүнөздүү көрүнүштөрү күбө болбогондо, балким биз мындай ыйык ишенимдерди мусулман дининин табылгасы катары карап кала бермекпиз. Көрсө, биздин эрага чейин эле хунндардын кудайлары көктө жашап, ар бир табигат кубулуштарын ошолордун керемет кудуретинен деп түшүнүшкөн.

Хунндардын жаратканы — Теңир. Али күндөлүк турмушу-бузда айтылып жүргөн Теңир берди (кудай берди),

теңир жалгасын (кудай жалгасын) теңир колдосун (кудай колдосун) деген сөздөрдүн өзүндө эле айтып тургандай мусулманчылыкка жуурулушкан, теңир десең да, аллах десең да бир кудайды түшүндүрүп калган тектештик байкалып турат. Демек, хунндардын теңири (кудайы) мусулман динине кыпчактар аркылуу кирген. Себеби, араптардын кудайы бирөө. Ал Али-Ак (аллах). Анан дагы Теңир-Тоону Улуу Тоо деп ар кандай атап жүрүшөт. Менимче, ал Теңирдин тоосу (кудайдын тоосу). Тарыхта хунндардын бул тоонун башына чыгып Теңирге атап ак атты курмандыкка чалып турушкандыгы айтылат. Демек, эки диндеги окшоштуктар бир максатка жуурулушуп кеткендиги төмөнкү мисалдардан эле көрүнүп турат. Хунндар ар жылы жазында (эрте баарда) ата-бабаларынын арбактарына, жерге, сууга, асманга атап кудайдын жолуна курмандык айтып, кан чыгарып аш беришсе, мусулманчылыкта деле ошонун өзү. Же болбосом хунндар күнүгө эрте менен күнгө карап табынса, кечинде айга карап зыярат кылышкан. Балким, мусулман дининдеги эрте мененки багымдат намазы, кечки шам, куптан намаздары ошо хунндардын айга, күнгө табынуусунан калган сыягы. Мына ушу жерде Абульфеданын кыпчактарга берген мүнөздүү белгилерин да атап берели эле муундан-муунга келаткан алат кимге таандык экенин жазгырбай билесиз: «Кумандар (кыпчактар) астрологияны изилдеш, жылдыздардын көрсөтмөлөрүн колдонуп жана аларга сыйынышкан». Мындай алдын ала көзү ачыктык кыпчактардын улуу муундагы адамдарында азыр деле кездешет. Жаңы көрүнгөн айдын кандайлыгына карап туруп өөп көзүнө сүртүп коюу, колго сөөл чыкса айга карап учуруу, бетке чакмак бүдүр түшсө айга карап чакмак чагуу, оор жаракат алган адамдын өлөөр өлбөсүн жылдыз так болгондо билүү, сыркоологон адамды күн чыкпай учуктоо, же болбосом шамандыктын белгиси өлгөндөргө чырак коюу (отко сыйынуу), ыйык деп аталган тоо, ташка, булак, сууга, дарактарга табынуу (тыйын, мончок таштап, дарактарга чүпүрөк байлоо) айтор, хунндардын тиги дүйнөгө болгон ишенимдери, салт-каадалары, өлгөн адамды коюу адаттары, түшүнүктөрү Баткен чөлкөмүндөгү Кара-Булак маданиятынан даана көрүнүп турат. Л. Н. Гумелев белгилегендей, арча табыттарга салынып, о дүйнөдөгү жашоону элестеткен кийим-кечектүү, турмуш-тиричиликте пайдаланчу идиш-аяктуу эзелки гунн доорунун тукумдары жатат мында. Кала берсе, өлгөн адамдын денесин малхамдаштыруу (мумиё менен катыруу) ошо биздин эрага чейин эле колдонулуп келгендиги

жер астындагы ибадатканадан (мавзолейден) табылган сулуу аялдын сөөгүнөн көрүнүп турат. Айтор, хунндарга мүнөздүү шамандыктын белгиси түрк, кадимки түрк доорунан бери уланып, азыркы күндө да кыпчактардын турмушунда кездеше калат. Аны биз мусулман дининен кирген түшүнүк катары карап келебиз. Көрсө, жанагы от айланып жиндерин чакырып секирген бакшылардын отко табынуу, отко тазаруу (Нооруздагы алас-алас айтуу) адаттары өткөн доорлордун туундусу экендигинде эч кандай талаштын болушу мүмкүн эмес. Себеби, мындай окшоштук ар элдин өзүнүн мүнөзүнө, ийкемдүүлүгүнө жараша кабыл туткандыгы көрүнүп турат. Жанагы мазарларга сыйынуу табигаттын катаал келишине, жылдын оор болушуна курмандык чалып кан чыгаруу (дарвишана өткөрүү) адаттары шу күндөрдө да мусулман динине байланыштырылып өз мүдөөсүн жогото элек. Бул жөнүндө тарыхчы Рубрук мындай деп жазган: «Командар (кыпчактар) өлгөн адамга арнап бет маңдай чыгышка караган статуяларды (мололорду) тургузушкан... Буга курмандык чалынып жана сыйынып туруу керек болгон». Демек, өлгөндөрдү урматтап коюу, алардын арбактарына атап маараке өткөрүү ирасимдери мусулман дининен кирбептир. Ал хунн заманынан бери келаткан, ар кайсы доорлорго гана түсүн, маанисин өзгөртпөсө, өлүк коюу, маркумду урматтоо, эскерүү, эстөө ж. б. адаттарынын мазмуну айланып келип бир. Буга менин толук ишенимим бар. Мына, ишенбесеңиз хунндардын эзелки коомдук түзүлүшүнөн калган салт каадасына назар таштап көрөлү.

Илгери мындай түшүнүк аталардан калган салт катары каралчу экен. Кийин гана биздин муундарга жат көрүнүш болуп калды. Көрсө, мындай турмуштук маселе араптар аркылуу кирбептир. Ал Л. Н. Гумелев белгилеп жазгандай: «Мазе доорунда хунндар патриархалдык түзүлүштө болуп, башкача айтканда, балдар эне уругуна эмес, ата уругуна караган. Улуусунун жесири кичинесине аял болуп калган. Өзүнүн аялына кандай кам көрүп, жылуу мамиле жасаса агадагы ошондой камкор болуусу зарыл деп эсептелген». («Хунндар», 1960-жыл. Л, «Хунндардын» коомдук түзүлүшү бөлүмүнөн) Азыр деле кыпчактарда («жеңе зайып» — М. Ү) деген термин колдонулат.

Жанагы дайра жээктеп келаткан, кырктын кырындагы, эки танабында чачы кетип кашкайган жазы маңдай кыпчак жигити жакында атадан калган салт-расимине моюн сунуп, улуу агасынын жесирине нике кыйылды. Анткени, агасынын

балдарына ата болуу парзы, жеңе-зайыптын өмүрүн кайра жашартуу ниети турат. Атаганат, кынына батпаган жанын шамалдай сызган аттын жалында ойнотуп, көздөрүндө от күйгөн кыпчак теги бүгүн минтип, улуу талааларды гезип айгай салбаганы менен ата кейпинде калган окшоштук дале бар. «Асман аттарына» ныгара олтурчу басавлат келбети дагы эле сүрдүү.

Мына, көрдүңүз го гумандуу көрүнүштүн уландысы кайсы доорлордон башталганын. Ал чыгыштан батышка карай улуу талаалар аркылуу кылымдар кыйырында кетип, көптөгөн уруулардын, улуттардан эл болуп калыптануусуна негиз боло алган, улуу көчтү баштаган хунндар экендигинде, алардын эң акыркы аталуусу кыпчактар бүгүнкү күндө ар кайсы элдердин, улуттардын курамында жашап жатканы кайсы бир айткысы келбеген тарыхчыга күмөндөр болбосо керек. Мына ушу улуу талаанын улуу көчүндө чиркешкен элдер тууралуу тарыхчылар кандай пикирлерди айтышты экен карап көрөлү: «Хунндар тарых кыйырында өздөрү жок болуп кетсе да аталашы узак жашаган эл, ошол эле мезгилде хунндар менен доорлош, коңшулаш башка элдердин аталыштары кээ бир тарыхчы адистерге гана белгилүү болбосо... хунндардын аталышындай белгилүүлүк чанда гана кездешет.» (Л. Н. Гумелев, «Хунндар», 1960-ж.)

Демек, мындай даңгазалуулуктан элдин баатырдыгын, жоокердигин билебиз. Мына ошо талаа элдеринин урпактары ким, калганбы жер бетинде? Тарых майданынан кеткени менен башкача аталыштарда жашап жүрүшпөсүн? Балким, аны иликтеп изилдеген тарыхчылардын чыкпай жатканыдыр. Ким билет, бирок мен бул элдин тукумдарын айныгыс тарых далилдеринен көрүп турам: «хунндар Азиядан батышты көздөй жылып олтуруп Уралда отуруктатып калышкан. Аердеги элдер менен митизацияланып (аргындашып) отуруп Европада жаңы гунндар деп аталган элдерди түзүшкөн. Ушу күндөрдө да «гунн» экендигине жапайы деген сөздүн синоними катары кабыл алынган. (Кыпчактарда да гүңдүн (гунн) жинине тийбе, каарданса жерди астын-үстүн кылат деген сөз бар — М. Ү.) Гунндар миңдеген жылдар аралыгында өздөрүн түзүүчү көрсөтпөстөн, кыйратуу-чу катары да көрсөтө алышкан. Демек, бул жерде биздин максатыбыз качандыр бир мезгилдерде жок болуп кеткен урууларды мактоо же жамандоо эмес. Көздөгөн багытыбыз кантип, кандай аз сандагы көчмөн калктын жүздөгөн жылдар аралыгында сактап келгендигин, өзүнүн маданиятын жана түзүлүшүн кура алгандыгын

иликтөө» (Л. Н. Гумелев «Хунндар», Кириш сөз, 1960-жыл).

Же болбосом I—II кылымдардын жана биздин замандын I—V кылымдарында жашашкан юнон (грек) окумуштуулары Птоломей, Аммиан, Марцелин, Византиялык Феофак, Зосима, Менандардын маалыматтарына караганда Каспий деңизинин чыгышынан тартып бүтүндөй Азияда скиф деген ат менен жашаган элдердин негизин ундар (хунндар) түзгөндүгү жөнүндө жазып кетишкендиги маалым.

Демек, мындай иликтөөлөрдөн улам скифтер-хунндар экендигинде, сактар-хунндар экендигине, кыпчактар, командар, акыркы аталуусу половецтер-хунндардын урпактары экендигине эч кандай күмөнсүрөөнүн да, талаштын да болушу мүмкүн эмес.

Буга далилди Гумелевдин «Хунндар» деген китебиндеги сактар менен кыпчактарга берген мүнөздөмөсүнөн окуп көрөлү: «Сактар — б. з. ч. II кылымдарда азыркы Казакстанда көчүп жүрүшкөн түндүк иран көчмөн уруусунун чыгыш тобу. Ал эми II кылымдардын аяк чендеринде сактар чыгыш Иранга жана түндүк-батыш Индияга чейин киришип бир канча княздыктарды түзүшкөн. Алар көчмөн скифтерге тамырлаш» делинет.

Азыркы Казакстандын талааларында монгол-татар жапырыгына чейин кимдер жашап, казактын казак болушуна кимдер негиз боло алышты эле? «Кыпчак деген сөз, элдин аталышы катары биротоло жоголду, бирок, көптөгөн жаңы түрк калктарынын айтымында сакталып калган. Мисалы, казактардын ядросу кыпчактардан түзүлгөн». (В. В. Бартольд «Түрк-монгол элдеринин тарыхы» V том 213-бет.)

Мына ушул жерге Л. Н. Гумелевдин кыпчактар жөнүндө айткан оюн дагы бекемдеп кетели. «Кыпчактар — Батыш Алтайдагы жана ага жакын жайланышкан түздөгү динлин калкы. Алардын тукумдары половецтер жана кумандар». А тарыхта динлиндер Европалык элдер деп белгиленет. Демек, Азияда жашашкан хунндар Европа тарапка ооп митизацияланып ундар аталышы, ал эми Орто Азиядан жакынкы чыгышка ыктап Ирандыктар менен жуурулушуп көчмөн сак аталышы, маймундар (индия) өлкөсүндөгү ак кундар, кара кундардын түпкүлүгүн иликтеп отуруп хунндардын Европалык расадагы элдерден экендигине толук ынанасын. Бирок, талаштын чындыгы бирде алаканга салгандай көрүнөрү бышык.

Аны мен айрыкча кыргыз тарыхчыларына С. А. Плетневанын «Половецтер» жөнүндө тарых жазуучулар жана

саякатчылар, ал тургай бүтүндөй эл айтмак түгүл эстегилери да келишкен эмес. Бирок, буга карабай кыпчак жалпы коомунун тенденциясы XIII кылымдын башында, монгол баскынына чейин өсүү, жогорулоо жолунда болгон деп толук айтса болот. Себеби кытай хроникасында белгилегендей (203) кичинекей уруудан эки миңдиктин башталышында күчтүү, жөндөмдүү жана көп сандаган этнотүзүлүшкө айланган жана саясий таасирлери, согуш потенциалы менен эскирген Византия эле эмес, эң өнүккөн Россия менен да теңтайлашып келген». (М. «Наука», 1990-ж, 3-б).

Мына ушунун негизинен эле байкаса болот, тарыхчыларыбыздын бир бүтүндүккө келелбай кайпаластап атканын. Себеби, Плетнева белгилегендей айткысы келбеген элдин артында улуу талаадан кеткен улуу көч тарыхка бут коёлбай буулуп тургансыйт. Аны кайсы илимдүү-билимдүү, адилет тарыхчылар баштап келет, али белгисиз.

Мен жакында өзбек агаиндердин «Фан ва турмуш» деген журналынан «Түрк элдеринин тагдыры» деген тарыхый макалага көзүм түшүп калды: «Биздин эрага чейинки V кылымдан, биздин замандын баштарына чейин Орто Азияда жашаган элдерди скифтер деп аташкан. Ал эми Дешти-Кыпчак, Орто Азия, Алтайда жашаган скифтер деп аталган элдер мындан үч миң жылдар илгери хунндар деген ат менен белгилүү болгон. Скифтердин үрп-адаты, өңү-түсү хунндарга, жалпы эле түрк элдерине окшош экендигине эч кандай талаштын болушу мүмкүн эмес», деп белгилеген жери бар (Казакбай Махмудов №12, 1990-ж.) Айтор, көөнө тарыхтын кайсы тарабынан келбейли Европадабы, Орто Азиядабы хунн элинин тагдыры менен байланышпаган уруу-ларды, улуттарды табалбайсын. Анткеним бул кыйыры жок улуу талааларда биздин заманга чейинки 207-жылдан (бул эсептөө учурдагы гана санак — М. Ү.) биздин замандын 216-жылына чейин, же 423-жыл аралыгында улуу хунн мамлекети (империясы) өкүмдарлык кылып келгендиги маалым. Ал эми Европада хунндар империясынын негиздөөчүсү Баламир (374—400) эсептелген. Хунн империясынын өкүмдарлыгынын арасында Аттиланын (Атилла, 395—453-жылдар) аты Европа-нын тарыхында азырга чейин айтылат. Же азыркы Волга дайрасынын аты дагы. Атил муран (Итил суусу) деп аталышы ошо Атилланын ысымына негизделип берилген. Же болбосом хунндардын Орто Азияда улуу державага биригүүсү биздин заманга чейинки XIII кылымдан негизделип б. з. II кылымына чейин кытай жапырыктарына туруштук берип, жашоо үчүн

каармандык күрөштөрдү баштан кечиргендиги кытай хроникасында, кала берсе Гумелевдин «хунндар» деген китебинин синхроникалык чакмактарында (таблица) кездешет. Ал эми байыркы кытай санжыралары хунн элин эбак жок болгон журт дебейт, кайра бул элдин өмүр сүргөн кезин өтө так аныктайт. «Пекиндеги император сарайында тарыхчылардын коому б. з. ч. XXIII кылымдан бери өмүр сүрүп келаткандыгы маалым. Мына ошолордун калтырган санжырасына караганда «хуннулар б. з. ч. 1864-жылдан б. з. 1115-жылына чейин өмүр сүргөн» деген жери бар. (Бичурин, I т, 33-б). Же тегеректеп айтканда хунндар (хунн-нун монгол түшүнүгүндө — улуу) тарых арсеналында 3000 жыл жашаган деген бүтүм. Демек, мына ушу узак санадагы улуу көчтүн бир жерден байыр албай али батыштан, али туруп түндүктөн, түштүктөн көрүнсө, бирде Европада кезигип, бирде Орто азияда оттой жанып, айтор, тарыхчыларыбызга скифтер ким, сактары ким, кыпчагы, половеци, куманы ким ажыратып таанууга мүмкүн болбой баштары катат. Албетте, тарыхтын тактыгы талаштан жаралат деңизчи. Мына ушу жерде хунн менен гуннду эки эл катары карагандык менимче жаңылыштык. Себебин биз Азиядан Европага ооп башка элдер менен митизацияланып жаңы гунн деген элдин пайда болуусун жогортто сөз кылдык го. Анан дагы жазуучу Орозбек Айтымбеттин «оң жана сол» деген тарыхый эмгегинде мындай деген жери бар: «...ала-тоолук кыргыздардын парсы тарыхына б. з. ч. VI кылымда сак, байыркы грек авторлорунун санжыраларына массагет (скиф) болуп, түшүп олтурушунун өзү эле кара кыргыздардын ошо замандардан бери Ала-Тоону (Түркстанды) мекендеп келгендигин далилдеп турса керек» деп жоромолдойт. («Мурас», № 4, 3-б). А ошо батышка созулган талааларда кимдер жашап турду эле? Кытайлардын тарыхына түшкөн «гяньгунндар» (кыркгуз — М. У.) кыргыздар б. з. ч. 201-жылдан айтылат деп келатпайбызбы. Мындай жоромолдоого да акыйкатчылыктын аз болсо да учкуну керек го. Ар ким эле өзүнүн тегин алынын жетишинче даңктай берсе, анда тарыхыбыздын көркөм чыгармадан айырмасы кайсы. Майли, буга да бой берели. Кепке бөгөт богондон жаманы жок, балким Орозбек Айтымбеттин изилдөөлөрүндө чындык бардыр. Бирок, андай дейин десең ушул эле макалада ичкиликтер жөнүндө төмөнкүдөй далилдер келтирилген. Окуп көрөлү эле, бул жерлерде кимдер жашабаптыр өзүңүз эле бүтүм чыгарасыз: «А ичкиликтер дүйнөлүк тарыхка алгач ирет б. з. ч. VII кылымда исседон деген ат менен түшкөн. Андан кийин ичкиликтер ошол эле

Геродоттун тарыхый эмгектеринде «скиф» болуп түшкөн. Так ошо скиф (искулят) деген ат ичкилик деген аттын биздин заманга чейинки IV—VI кылымдардагы грекче транскрипциясы, ал кийин грекче көчмөндөр деген маанини билдирип калган. Н. А. Аристов аты аталган эмгегинде каңдыны (бул жерде кыпчак аталбай калган — М. У.) «скиф» деп атаган жана ал түрк элдеринин эң батышында турат деп жазган. Акыйкаттаям, каңдылар биздин заманга чейинки доорлорго Сыр-Дарыядан Кара-Деңизге чейинки аралыкта көчүп-конуп жүрүшкөн жана алар душманга чабуул койгондо ар дайым «Ичкиликтер!» деп ураан чакырган. Ал эми алар эң байыркы кытай санжырасында «ди» (талаалык) деген ат менен б. з. ч. XVIII кылымда эле жазылып калган» (Ө. А. «Мурас» №9. 3-б).

Албетте, мындай изилдөө ишиндеги татаалдык ар кандай тарыхчыны гипотезалык ой жүгүртүүгө аргасыз кылат. Айрыкча хунн доорлорунан берки элдердин митизациялануусу, бир эле элдин дүйнөлүк тарыхта ар кандай аталуулар менен кездешүүсү дагы кыйындыкты туудурат. Мындай элдик аттар, албетте, ар´ кандай ойго салышы мүмкүн. Балким, ичкиликтерге монгол урууларынын катышуусу менен көп аттуулукка ээ болгондуктун таасиридир. Балким, Ортоңку Азиядан тартып европалыктарга жуурулушуп кеткен хунндардын эң акыркы аталуусунандыр. Мына ушу багытта орустар атаган половецтер жөнүндөгү бир пикирге келалбаган түкшүмөлдөөлөр эле канчалык талаш-тартыштарга баргызып отурат. Буга Маркварт өзүнүн изилдөөлөрүндө толук жооп берүүгө аракеттенет. «Половецтер византиялыктардын жазмасында командар менен уздардын байланыштуулугунан келип чыккан деп жазылган, ал эми мусулмандар буларды хифчак (кыпчак) деп аташкан. Ал эми кыпчактар кимактардын эң чоң бөлүгүн түзүп турган» деп алардын бири-бирине болгон байланыштуулугун төмөнкүдөй айкалыштар менен көрсөткөн:

1. Уздар жана командар.
2. Командар жана кундар.
3. Командар жана кыпчактар.
4. Татарлар жана буткактар.
5. Татарлар жана кимактар.
6. Кимактар жана кыпчактар.
7. Кыпчактар жана командар.
8. Канглылар (каңды), кимактар жана кыпчактар.

*(Маркварт, 173—186-б.б)*

Жогортто мен эмне үчүн каңгыларга кыпчактарды кошпой кеткендигин белгилеп кеттим го. Н. А. Аристовдун

аты аталган эмгегинде түрк элдеринин этникалык бирдигине төмөнкүдөй мүнөздөмө бергендиги бар:... «азыркы жашап жаткан түрк элдеринин үчтөн эки бөлүгү кандылар менен кыпчактардан келип чыккан». («Түрк урууларынын этникалык составы тууралуу билдирүүлөр», 120-бет).

Демек Сыр-Дарыянын бойлорунан тартып Кара-Деңизге чейинки мейкиндикте жашап турушкан скифтер (ичкиликтер) экендиги Гередоттун, Аристовдун, Маркварттын иликтөөлөрүндө байкалып тургандай биз божомолдогон уруулардын, улуттардын теги аргындашып (помесь) отуруп башка аттарды кабыл тутканы менен түбү келип Улуу көчтү баштаган хунндарга келип такалып атпайбы. А хунндар мекендеген улуу талаанын урпактары ким өзү? О. Айтымбет белгилегендей скифтер (кара кыргыздар) дейин десең ичкиликтер болуп атса. Чын эле кара кыргыздар (Түркстанда) жашаганбы дейин десең арман (армян) тарыхчысы Матвея Эдесскойдо жана Европанын хроникасында Орто Азияда акжуумал элдин жашагандыгы жазылган. Анан кантип?.. Бул жерде акжуумал эл орустар тарабынан аталган шары (сары) чачтуулар («половцы») кыпчактар экендиги көрүнөө эле. Айткыбыз келбегени менен В. В. Бартольдун эмгегинде мындай деген жери бар, окуп көрөлү: «орус тарыхында жазылгандай кыпчактардын ичинен бөлүнүп чыккан половецтер деген элементтер болгон» (V т, 434-бет).

Айтор, кайсы тарабынан келбе, ичкиликтердин чоң курамын түзүп башка улуттардын эл болуп калыптануусуна негиз боло алган канлы (канды) менен кыпчак болуп аткандан кийин ары бассак да, бери келсек да булардын теги Евроазияда баш-аягы жыйырма кылым бою бийлик жүргүзгөн даңктуу жоокер элдин нуркуна барып кабыласын. Ал баба теңир Хунн эли. Дүйнөлүк тарыхта сак, скиф, түрк атанып, өз ысымына өзү табынган кудай ушу күндөрдө да туран элдеринин бирдигин түзүп турат. Демек, хунндардын эң акыркы аталуусу кыпчактар биздин эрага чейинки II—III кылымдардан тартып эле кытай хроникасында («кюс-ше», «кин-ча», «хи-би-ча», «Цинь-ча» ж. б. түрлөрдө) жазып калтырылган. Алардан кийин Орто Азияны басып кирген мусулмандар кытайча аталышты өздөрүнүн сүйлөөсүнө ылайыктап «циньби-ча», «хи-би-ча» ны ,174хифчак» деп аташкан көрүнөт. А византиялыктар менен русстар кыпчактар менен мындан 1300 жыл, же XI—XII кылымдарда кагылышкандыгы тарыхта белгилүү. Анан дагы Аристовдун жазганына караганда «кыргыз-казак эли канды, кыпчак, чу, аргын (помесь), найман, керай (кирей) жана

алчындардан келип чыккан» делинет. (Түрк урууларынын этникалык составы тууралуу» 120-б). А чынында эле бул уруулар ичкиликтердин курамында турат эмеспи. Аны биз канчалык жаап жашырбайлы ичкиликтердин чоң курамын түзгөн каңды менен кыпчак жөнүндө айтылган тарыхый далилдер Л. Н. Гумелевдин «хунндарына» үндөшүп турат. Мына ушу хуннулардын коомдук түзүлүшү, дини тууралуу кеп кылганыбызда сөзсүз түрдө булардын шамандык белгилери кыпчактардын же жалпы эле ичкиликтердин күндөлүк турмуш-гиричиликтеринен кездешери эч кимибизди күмөндөр кылбаса керек.

Мына ошо хуннулардын урпактары кийинки замандарда өздөрүнө өөнө, жат диндерге кантип өтүшкөндүгү тууралуу маалыматтар тарыхыбызда да айтылат: «...алар XII кылымдын акырына чейин мусулманчылыкты кабыл туткан эмес. Ошондуктан мындай көз караш кыпчак элинин багынбаган күчтүүлүгүн айгинелейт» (Бартольд, 4 т, 434-б). Бул эми Орто Азияда калган кыпчактардын ислам динине качан баш ийгендиги тууралуу маалымат. А Европага оогон половецтер менен кумандардын дини кандай болгон бул тууралуу кабарды археолог-тарыхчы С. А. Плетневанын «Половецтер» деген эмгегинен тапсак болот: «Русь-Киев-Печор лаврасындагы эң чоң маданият жана христиан борборлорунун монахтары половецтердин христианчылыкка уруу-уруу болуп өткөндүгү жөнүндө жазышкан. Бул чоочун динди коркунучтуу жана оор турмуштун айынан кабыл алышкан» (143-б).

Ал эми Венгрияда «Улуу Кумания» жана «Кичүү Кумания» аймактарында XII—XIII кылымдын башында гана венгерлешип кетишкен. Демек, венгерлешип кетүүнүн себебин биз дагы эле тарыхка кайрылуу менен табабыз. «Айрыкча Венгер королу половецтерди (кыпчак) өз жерине өткөрүп жатып христианчылыкка сөзсүз өтүүгө мажбур кылган. Көчмөндөр чын дилинен чокунушкан, бирок, алардын сакталган улуттук тил аттарына караганда, бул калктар өздөрүнүн кудайларына, үрп-адаттарына сыйынууну уланта беришкен. Анан дагы византиялыктар жана венгерлер половецтердин сыйлуу кийимдерин кийипишкен, мындайлык император менен королдун жан-жөөкөрлөрүндө кеңири таралган» (Плетнева, «МнН», 1990). Айтор, жанагы дайра жээктеп келаткан кыпчак жигити да мусулманчылыкты чын ниетинен кабыл тутса да улуу талаанын урпактарынан калган салт-расмин жоготкон эмес. Өлгөндөргө чырак коюу, түрк калктары майрамдаган «аласалас» (отко тазаруу) күнүн белгилөө. А мунун түпкүлүгү

кайдан, белгисиз, бирок, кантсе да көз алдына жоокер элдин улуу талаанын көктөмүндө алоолонто жаккан оту,· аны төгөрөктөп бийлеп жаткан шоңкойгон калпакчан, жоо кийимчен, Гумелевдин хунндарга берген мүнөздүү белгилери көз алдыңа тартыла түшөт. «Орто бойлуу, көп сүйлөбөгөн, айрымдары узун келген дене түзүлүшү чың болуп, ташкындап турган кайратынан кынына батпаган өткүрлүк жанып турат. Өңү ак жуумал келип, бети кызыл, көзү көк, чачы сары, мурундары түз келип, кээси бүркүттүкүндөй коңкоюп турат» («Хунндар» 28—29-б.б.).

Айтор, мындай өмүрү табигат менен байланышкан жөрөлгө талаалыктардын эзелтен ойлоп тапканы. Ал биздин күндөргө «Навруз» (фарсы тилинде «жаңы күн») жыл ажырымы катары карап келебиз. Менимче бул көктөм менен байланыштырылган отко табынуу ошо жергиликтүү элдин урпактарынан бери келаткан салт-расми. Минткенимдин да жөнү бар. Себеби, мусулман дининде жыл ажырымы хауста (августь). Анан дагы бир билгеним ислам дининде отко табынуусу жок. Демек, табигат менен адамдын ажырагыс бирдигин талаалыктар сүмөлөк боткосу менен белгилешип, көк жытынын даамынан өздөрүнө ишеним келтиришип, дилдерин отко тазартышкан. Сүмөлөккө жердин даамы кирсин деп сайдын түрдүү түс чакмак таштарынан кошуп кайнатышкан. Бул ошо көөнө дүйнөнүн көзүндө от болуп күйгөн хунндардын ишеними, адаты, түшүнүгү. Ал биздин күндөргө чейин жетти. Мына жаратылыш заттарынын, жан-жаныбарлардын колдоочусу, ээси бар экендиги да ушу көп кудайлуу хунндарга таандык экендигин төмөнкү атоолордон эле билсе болот. Ойсулата, Камбарата, Зангибаба, Чолпоната, же тоонун дөөсү Кара, дарыяныкы Улуу, Шамалдыкы Жалгызкөз. Али дайра күрпүлдөп киргенде, же булактын суусу чыкпай калганда курмандык чалып, Улуу дөө кансыраптыр бир балээни баштабагай эле деп албууттанган суунун боюна кан чыгарып коюу ырым-жырымы азыр деле ичкиликтерде кездешет.

Айрыкча Кара-Булак маданиятына (Баткен чөлкөмүндө) мүнөздүү белгилер тарых чындыгына шайкеш келип, тарыхчылардын эмгектеринде өтө так берилет. Анын бири кытайлар атаган «асман аттары» (небесные кони) ичкиликтерде «дулдул» делинет. Мындай атоо күлүктүн синоними. Ал жөнүндө Иакинф Бичурин өзүнүн тарыхый эмгегинде минтип жазган жери бар: «Даван (Фергана) өрөөнүнүн түштүгүндө бийик-бийик тоолор бар. Ошо тоолордо күлүк аргымактар бар

экендиги аныкталат. Алардан тукум алып калуу өтө кыйынга турарын билишкен. Ошон үчүн аргындаштыруу жолу менен ар түстөгү байталдарды тоонун арасына айдап жиберишкен. Кийин ошо байталдардан кара кочкул канга окшогон тер чыккан кулундар туулган. Аларды «асман аттары» деп аташкан. Мына ушу аныктама Гумелевде да кайталанат: «Кытай императору У-ди акырында мындай чечимге келген: Кандай болбосун Даван аргымактарын таап «асман аттарын» кытайга да өстүрүү керек. («Хунндар», 124-б).

Көрүнүп тургандай кытайлар издеп, канчалаган кол менен келип да алалбаган «асман аттары» Даван падышачылыгынын кай жеринде өстү экен деген түкшүмөлдөө азыр деле кайсы тарыхчыны болсо да кызыктырбай койбойт. Ал жөнүндө элдин айтымын угуп отуруп уламыш дешиң да ыктымал. Бирок, анын чындык чоо-жайын Кара-Булак маданиятына (б. з. ч. IV—II к.) таандык Памир-Алай тоо кыркаларынын уландысындагы Кара-Тоонун башталышына жайгашкан Кара-Көл (элдин айтымында Тулпар-Көл) баянынан улам ынанасың.

Али элдин катмарында келаткан санжыра-сахабат бөөдө жеринен айтылбайт экен го. Тээ хунн замандарынан бери өзүнүн керемет сырын катып келаткан Тулпар-Көл гунн баатыры Модеханга (Манаска О. А.) берсе, алардын урпагы Курманбек баатырга алты ай минсе ай чапчыган Телторуну бериптир.

Илгери ушу Кара-Тоо койнундагы Кара-Көлгө Даван тараптан түмөн-түмөн жылкылар айдалып келип, жайды-жайлата багылчу имиш. Эмне үчүн көз мелжиген талаалар жатса бул жайыты тар жайлоодо кеч күзгөче жаткандарын жылкычылар да билишчү эмес. Кожоюндун буйругу менен байталдарды көлдүн жээгинен алыстатпай кайтарышчу. Бир күнү Олуй деген жылкычы арчанын түбүндө жылкыларга көз болуп жатып, куш уйкуга илинип кеткенби, бир маалда көлдүн шарпылдаган шоокумунан ойгонуп кетип, көргөн көзүнө ишенбей өңүмбү-түшүмбү деп таң калганча эси оop калат. Бул эмнеси дейин десең кыпкызыл, жал-куйругу төгүлгөн жомоктогу дулдул ат. Жээкте оттоп жүргөн байталдарга биринен сала, бирине ашып, туяктары жерге тийбей учуп жүргөндөй көрүнөт. Таң калган Олуй ордунан кандай турганын билбей калганда көрүп калган кызыл ат боюн сууга уруп чумуганча көздөн гайып болуп кетет. Бул керемет сырды Олуй кожоюнуна айтканга батынбайт. Көрсө, жанагы көлдөн чыккан тулпардан тукум алып калуу максатында жазды жайлай айланчыктап жүргөндөрүн эми түшүндү. Бир күн эле

караса жанагы өзү көргөн байталдардан кызыл эт кулун туулуп, дагы эси ооду. Жаңы эле туулган кулун энесинин үстүнөн нары-бери секирип ойноп жаткан. Аз жерден бакырып жибере жаздап оозун басты. Себеби, Даван падышачылыгында сыр сактай албаган адамдын башы токтоосуз алынган. Ошонун негизи болсо керек Кара-Булак маданиятындагы хунндардын бирөөлөргө белгисиз үч нээрсеси (табылгасы) кытайларды таң калтырып жан билбеген табышмак бойдон калып келген көрүнөт.

Биринчиси, албарс миздүү курал-жарактардын жасалышы, аны жер астынан казып алып иштетүү маданияты, Кани-Гун (гунндардын кени) үңкүрү, экинчиси, «асман аттарынын» тукумун берген Тулпар-Көл баяны, үчүнчүсү, Күзгү-Таш («Сүрөтү — Таш» делинет). Ал биздин жаңы заман алдындагы ууру-кескилердин колунан чегилип ташталган. Мезгилинде Тимурийлердин тукуму Султан Бабырдын «Бабыр намэсинде» да ушу күзгү таш жазып калтырылган.

Айтор, хунн заманын элестеткен жалаир жердин өтмүш тарыйкасын дагы бир топ чубап отурса болор эле, бирок айтаар кептин учугу эң оболу ошо жерди жердеген элдин кимдигинен башталыш керектиги туйтунуп турат. Бул жерлер эзелки Даван падышачылыгынын ээлигинде экендиги бизге тарыхый булактардан маалым. А азыркы күндө жалпы жонунан ичкилик-кыргыздар жашашат дегенибиз менен кимдир бирөөлөргө кайсы уруулардын учугу экендиги белгисиз го. Мындай тереңирээк, астейдил караган иликтөө али бул чөлкөмгө (Жаңы Ноокаттан тартып Кадамжай, Баткен, Лейлек, Кара-Тоо менен Кан (сыр) дайрасын бойлоп кеткен узун тилкелүү зор аймак) келе электиги менен сырдуу, али чети оюлбай жаткандыгы менен табышмактуу.

Мына ушу жерлерде Геродот Исседондор (ичкилик) деп атаган же Птоломей Угузхандын (Метехан) тукуму Кызылуулдун уулдары эки бир тууган Салусбек менен Булгачыдан таркагандар жашашат.

Тээ байыркы замандардан бери эл-жерди асыраган, баатырдык нуркун жоготсо да өздөрүнүн ичкилик деген атын бүгүнкү күнгө чейин сактап келген Салусбектин кандысы (каңды) паспак (бостон), дай (тейит), абааты, оргусу, баргысы, жоокеси, ал эми Булгачынын кыпчагы, найманы, нойгуту, дөөлөсү, кесеги, дуулаты бар. Заманында Салусбек тукумдары Түркстандан Кара-Деңиз бойлоруна чейин, а Булгачы тукумдары Түркстандан Сары-Деңизге чейин мекендеп келишкендиги тарыхта айтылганы менен мына ушу эки

бир туугандын тукумдарынын аты азыркы күндө башка элдерде уруу катары аталса аталып жүргөндүр, бирок ичкилик деген аталыш ошо элдерден кездешпейт. Ал Алтайлык кыргыздарга канатташ жашап келишкен, улуу талаанын сүр-сүр көчүндө али батышка, али туруп чыгышка кетип, акыр түбү Сырдын түштүгүндөгү Кара-Тоодон чыгышка созулуп жаткан эзелки жерлери Кыркыркан тоолорунда (Памир, Алай) байырлап калышкан улуу көчтүн урпактарынын аталышында гана калган.

Анан дагы ичкиликтер жөнүндө орто кылымдын илимпоздорунун эмгектеринде да таасын айтылып көрсөтүлгөн жери бар: «Мажму ат-Таварикте»: «Кыркыркан аймагы ичкиликтердин байыртадан берки ата мекени». Кыргыз эпосунун башкы баатыры Манас (Модухан) жана анын чоролору Кыркыркандык кыпчактардан деп жазылган. Чынында эле бул эмгекте негизинен кыпчактар көп аталып, кыргыз деген өтө сейрек кездешет. Балким, санжырачыл карыялардын «кыргыз келдиси» ушунун негизи болуп жүрбөсүн деген ойго да кетесиң. Анткени, кол баштаган баатырларды илгери ичкиликтер «кыргыз» деп аташып, «кыргыз келди», «кол баштаган баатыр келди» деген түшүнүк ошондон калган деген да айтымдар бар. Бул эми оөздон-оозго айтылган тарыхтын бир учкуну, мунун чын-төгүнү али тарыхта иликтене элек. Бирок, ал-Марвазинин «Табан ал-Хайвак» (XИк) деген эмгегинде кимак-кыпчактарды «кыргыс» деп атаган.

Демек, мунун төркүнү өзү эле айтып тургандай кыргыздар менен кимак-кыпчактардын өтө жакындык окшоштуктарынан болсо керек. Себеби, «хыргыс» менен кыпчактын материалдык маданиятындагы каада-салттары бирдей экендиги, ал тургай кыргыздардын кийими кимак-кыпчактарды эске салса, ал эми кимактар жашаган жер кыргыздарды эске салган. Мындай бири-биринин карым-каадаларын тутушкан эки элдин окшоштугун орто кылымдагы белгисиз автордун «Худуд ал-Алам» («Дүйнө-нүн чеги», 982-ж) деген эмгегинде да айтылган.

Айтор, мындан келди кандай десең да Ал-Марвази кимак-кыпчактарды эмне үчүн «кыргыс» деп атады, бул биз үчүн али табышмак. Балким, жогорттогу бири-биринен айрып алгыс окшоштуктарынын негизиндедир, балким, жоокер элдин баатырдыгына суктанып, четтен кол таштай турган азамат жигиттери бар деген оюн «кыргыс» деген атоо менен туюндургусу келгенби, ким билет. Айтор, кимак-кыпчактары менен кыргыздардын тилинин, меймандостук дилинин айрып

алгыс жакындыгы башка тектеш элдерде мынчалык жик билинбес эриш-аркактыгы болбосо керек. Буга далилди тарыхтын көп айтымдарынан учуратабыз. Анткени, бул эки элдин бири-бирине оошкон окшоштуктун тамыры тээ көөнө дүйнөнүн тереңинде. Аны ар тараптуу изилдөөнүн негизи айланып келип эле хуннуларга (гунн) келип түйүндөлөрү көрүнүп турат. Тарыхта айтылып жүргөн Шаньюй Тумендин (Түмөн) баласы III—I кылымдарда күчтөнгөн гунндардын Модеси (Кыркыркандык кыпчактарда Түгөлхандын Модусу деп айтылып калган — М. Ү.) б. з. ч. 201-жылы гэгунь элин чаап өзүнө караткандыгы Н. Я. Бичуриндин «Байыркы мезгилдердеги Орто Азияда жашаган элдер жөнүндөгү маалыматтардын жыйнагы» деген эмгегинде айтылат.

Мына ошо Модухандын гунндарды башкаруудагы турмуштук салт реформасында жана согуштук стратегиялык тактикаларында колдонулган аттар, аскердик куралуудагы топторго, сан түмөндөргө бөлүнүүлөрү тиги-бу деңгээлде айырмасы болгону менен гунндар (кыпчак) менен гуздардын (кыргыз) жашоо тиричилигинин мазмуну дээрлик бирдей. Төмөнкү тарыхый мисалдар менен ынанса болот.

Алгач биз хунндардагы аталып келген түрдүү наамдагы 24 кызматтын айрымдарын атап өтөлү эле кыргыз-кыпчактарда кайсылары сакталып калыптыр: оң кол билгахан, сол кол билгахан, жабгур (баш вазир), оң кол кутиги, сол кол кутиги, оң колхан, сол колхан, оң кол улук сангун, сол кол улук сангун, оң кол улук тутугбаг, сол кол улук тутугбах; батисхан, түмөнбашы, миң башы, жүз башы, он башы. Көрүнүп тургандай кыргыздардын согуштук стратегиялык тактикаларында да түмөнгө, миңге, жүзгө, онго бөлүнгөндүгү, уруу топторун башкарууда миңбашы, жүзбашы, он башылар дайындалып келгендиги бар. Мындай тартиптештирилген атоону айрым тарыхчылар моңголдордон оошкон деп да көрүштү.

Айтор, эмне дебейли булактын көзү хунндар экендигинде ары барсак да, бери келсек да аттын кашкасындай өчпөгөн негиз бар. Илгери кыпчактар жоого аттанса талаанын бетин кызыл каптап калчумуш деп аксакалдар айтышар эле. Мына ошо селдей каптап кылкылдаган кызыл жоонун бөлүнүшү да тарыхтагы Модухандын аскер тартибинде колдонгон тактикасын аныктап турат. Гунндардын аскерин кезинде Модухан төрт түстөгү түмөн колдон кураган. Бичуриндин жазганына караганда ак аттууларын түндүккө, батышка, боз атчандарын чыгышка, кара аттуулардын түндүккө, сары же жээрде атчан

жоокерлерин түштүк жактан чабуул коюуга үйрөткөн. Демек, жанагы санжырачыл карыялардын айтымында да кеп бар. Не дегенде, «кыпчактар уруш салганда жоонун төрт жагынан чабуул коюп, талааны кызыл жалын жалмагандай элестеп, түндүктөн кызыл жоолу.., түштүктөн сары жоолук байланган улуу миңдиктер каптаса, оң канаттан кичүү миңдиктеги кызыл көйнөкчөндөр айгай салып, сол канаттан орто миңдиктеги кызыл аякгар (себеби, бул микдиктегилер буттарына кызыл байлашса, азыр дале кыпчактарда «кызыл аяк» деген чоң уруу бар — М. Ү.) ач айкырыкта «ичкиликтен» ураан чакырып «ур!», «чап!», «сок!» менен кирчү экендер.

Айтор, согуш усулундагы мындай окшоштук байыркы кыргыздардын тарыхында дале к..дешет. Алардагы бөлүнүү жоо куралынын күчүнө, өзгөчөлүгүнө жараша болуп, найзачандар, айбалтачандар, кылыччандар, күркүургандар, мылтыкчандар согуш ыгына карай жайгаштырылгандыгы «Манас».. эпосунда деле берилген. Бул эми жалпы жонунан хунн доорунан түрк дооруна оошуп, муундан-муунга калыптанып, түлөп түсүн өзгөртүп, ар кыл замандардын духуна, мүнөзүнө жараша ошол элдин өзүнүн менчиктүү габылгасына айланып калгандыгы болбосо түпкүлүгү келип түрк элинин ата-бабалары хуннуларга барып түйүндөлөрү эч кимибизге күмөндөр болбосо керек. Себеби, түрк элинин бирин-бири толуктап турган окшоштугу жалаң гана жоогерчилик өнөрүндө эмес, башка турмуштук маданиятында, салт-каадаларында, ишеним, түшүнүктөрүндө да айрып алгыс жакындыктар бар. Айрыкча кимак-кыпчактары менен кыргыздардын улуу талааларда кечирген көчмөндүк турмушунан тарыхый дарек катары биздин күндөргө эки нерсеси келип жетти. Ал хунн доорунан башталып (Модехан, Баламир, Атилла) түрк доорунун XVI-кылымдарында аяктаган даңктуу баатырдыкты (Курманбек, Олжобай, Шырдакбек) хуннулардын урпактары кыпчактар жараткан болсо, аларды өлбөстүккө айланткан кыргыздардын улуу ыры.

Иакинор Бичуриндин айтканы да мына ушу эки улуу ишти негиз кылып алгандай туюлат. «Кыргыздардын эл болуп түзүлүшүнө гунндардын тикеден-тике карым-катнашы бар (М. Л. 1950). Жогортто айтылгандай эки элдин бири-бирине эриш-аркак тектеш жашап келишкендигинин бирден бир себебин алардын тилинин окшоштугунан да билсек болот. Анткени гунндар (кыпчактар) түрк тилине жакын сүйлөгөн өтө байыркы элдерден экендиги Бичуриндин тарыхында да айтылат. Анан калса тарыхчы А. Конрадтын далилдөөсүндө

да Култегин эстелигинде да айтылган түрктөр «хунн державасы» аталган элдердин урпактарынан дегени кайсы бир деңгээлде хунндардын түрк заманындагы акыркы аталуусу кимак-кыпчактары экендигинен кабар берип тургансыйт.

Айтаарым буга далил изилдөөнүн деле кереги жок. Анткени, тарыхтагы хунн (гунн) скиф, сак деген аттар менен чыгыштан батышка созулган улуу талааларды мекендеген элдер эрабыз дын VI кылымынын ортосунда, өткөн бир жарым миң жылдык доорлордун ичинде түрктөр деген ат менен белгилүү болуп, Өгүзхан (Метехан) заманында негизделген түрк державасы кылымдар аралыгында Азия, Европа, Африка өлкөлөрүндөгү уруулардын, улуттардын калыптануусуна негиз боло алган түпкүлүктүү эл экендиги менен даңктуу.

Айтор, кыпчак менен кыргыздын байланышкан түйүнү мына ушундан болуп, түрк атанын балдарынан таркаганбыз деген кептин бир мандеми бөөдө жеринен айтылбайт экен го. Көрүнүп тургандай түрк деген сөздүн этимологиясында да кеп жатат. Жөн жайынан эле түрк делинбейт. Балким илгертеден ата-бабаларыбыз атаган «түптүү эл» түрк деген маанини берип жүрбөсүн. Мына ушу чечмелөөгө тарыхчы Л. Н. Гумелев да «Байыркы түрктөр» («Наука», 1957) деген эмгегинде минтип жооп берген жери бар: «Түрктөр Орто Азиядагы эң байыркы көчмөн эл болгон, алар өз державасын «түпкүлүктүү эл» деп атаган. Демек «түптүү эл», «түбөлүктүү эл» акыры түп, түк, тыбыштык жагынан өзгөрүп түрк атанып кеткен көрүнөт. Акыйкаттаям элдин кебиндеги «түптүү түрк» эзелтен бери тукумун үзбөй көөнө жерди байырлап келген «түбөлүктүү эл» деген түшүнүк эмей эмне.

# Манастын Кара-Тоого келиши.

**(Баткен айтымы)**



## Манастын Кара-Тоого келиши.
(Баткен айтымы)

«Кара-Тоо, Ак-Тоо арасы,
Кан кыпчактын талаасы.
Тууруну издеп келиптир,
Хан Жакыптын баласы».
*(Саадат)*

Эзелки элдин киндик каны тамган жердин обоголуу орошон ооматы энди келди бейм. Ары барактап, бери оодарып, мөлчүр кыбагасын таппаган китептей Баткен чөлкөмүнүн өтмүш даректерине тээ океан жердин миң жылдар беделин чакмактаган археологдордун кыбагалуу үңүлүшү 1954-жылдардын башы эле.

Археолог Юрий Баруздиндин ак жолтой табылгасы биздин заманга чейинки IV—I кылымдарды даректеген Кара-Булак көрүстөнү болуп, шу азырда өлкөбүздүн атактуу тарыхый-чөлкөмдүк ажайыпканаларын байытып турат. Бирок, ар бир жердин өтмүш маданияты, баасы жок байлыгы бакайыр журттун өзүнө гана таанык экенин кайдан билдик. Илгери карайлаган элди зарыктыра күттүргөн баатырдын төрөлүшү сүйүнтсө, кудум ошо эл керегине жарачу уулду күткөн бабаларымдын салт-мурасын канчалаган жылдар баштан кечирбедик.

«Баркына жеткен келер деп,
Байтакка кайра минер деп»

.... жүрүп, түпкүлүктүү элдин түбүн көтөрчү азамат ай айланып келгенче, жуурат жуктуу ырыс-кешигибизге ортоктош богон туугандар желкеден таптап жүрүп, көөнөрбөс байлыгыбыздын көбүн ташып кетишиптир. «Эзелкисин уурдаткан элдин эртеңи жок» дегенге төтөлөп барып калдык эле кайриет:

«Ыйманы бар элимдин,
Ыкыбалы бир келди.
Ырыскылуу эр келди,
Таянар тоо бел келди» (Саадат)

болуп Бакай бабам карайлап күткөн миң жылдардын кайтарымы мына бүгүн омоктуу элдин оозанган сыймыктуу перзенти, кудайдын бир жакшылыгы Тургунбай деген уулду берди. Уул урматы менен Баткен кыябанына мындан беш миң жылдыктын гүлдөгөн маданиятынын келкели байыркы гунндардын (Бужун-Баткен) жергесине дагы келди. Буюрса аккан арыкка кайрадан шаркырап суу акканы турат.

Айтор, эзелки эл-жердин бактысы бар экен опур-топур маданияттын дуурамчы алпейилинде кала жаздадык эле,

кудайга шүгүр, жакшы уулдун шарапаты көрө-көрө көзүбүздү үйрөтүп, мына Эр Манастын багын ачты Тургунбай агабыз. Базганчы өзүңдөн чыкпаса дөөшүгө жетинбейсиң дегендей, өнөрлүү агабыздын өмүрүнө барака берсин ылайым! Өткөн бабаларынын арбагы колдоп жүрсүн!

Ушу азырда Баткен жергесине кут түшкөнсүп кумай-кулан жердин соорусунда Акуласын алкынтып, айкөл Манас жазайыл жандыкка кебелбей Кара-Тоодон Анжиян багытына каалгыпу чуп бараткан тариздеги айкелдик касаба көтөрүлүүдө.

Мына ушундай жаңыдан жүз берип жаткан залкар иштин негизи ой ордосуна оттугун таштап, касайыл калыстык сөздү айтып калууга үндөп, Баткен аймактык маданият бөлүмүнүн башчысы Гыламидин Абдрахмандын уюштуруу иш түйшүгүнө чарпылып жүргөн жеринде туш кылды.

— Ассалому алейкум, кадырман! Иш илгери болсун!

— Ваалейкум салам! Жакшылыгы сиз менен келсин!

— Гламидин Абдрахман, сизге көз ачып көргөн биринчи соболум. Эл оозуна элек тутмак белең. Айкелин орноткудай Манастын Баткенге кандай тийиштиги бар дегендер да жок эмес, арабызда. Менин тарзимде айыл маданиятынан эл, жер таануу өксүктөрү ушу байыркы жердин өтмүш тарыйкасына байланыштырылып, өзүнүкү өзүндө, башка жакка ташылып кетилбей кадимий турушунда арзып келгендерге «кыйырды баскан кыргызым шүнтүп жашаган» деп, баркына жетпей жүрүп, көбүнү алдырып жибергенибизден калганын эми кастарлап, калайык калкыбыздын көзүнө сүртөр ыйык жайларга айланткыбыз келип атат окшобойбу? Дээрим, бул иштин эртеңкиси эмне менен байланыштуу?

— Сөзүңүз оозуңузда, буюрса шондой болот го. Эми эле башталган ишти алдын ала жумулай-журтка кабарласаңыз кандай дешер экен? Менимче бул үлкөн иштин кеңири адабат жагдайларын айтып олтурсак сөз менен бүткөрүп таштаганга оңой, бирок иш жүзүндө көп-көп эмгекти талап кылчу түмөн-түйшүктүү жумуш экендиги көрүнүп турат.

Майли, сурап калдыңыз сөз атасын өлтүрбөйлү. Адамга мындай мүмкүнчүлүк дайым эле берилип турбайт. Жер бинаа болгондо багымдаттын кызылын өзүнө сүртүп калган байыркы Баткен кысабасына кулалы кулак түрө кызыккан жаранлар барбы, жокпу, же «учуру келди угалы силерди, айткыла, туугандар!» деп сынакы тиктеп турушабы.

Айтор, неси болсо да кеп салып көрөлү.

...Мына, угуп атасызбы, угуң эде?... Келкелдин керме үнү

эртели кеч күңгүрөнгөнү-күңгүрөнгөн эзелки жердин жан бооруна айланган адамдар элеси жүз берип, ишенбесеңиз турган жериңиздин бир ууч турпагын кочуштаң эле үн каткысы келип турат. Бир тоголок ташын алың эле тарыйка тагдыры көрүнүп турат.

Мунан менин айтаар сөзүм эле адам өмүрү жер менен байланыштуу. Жерден бөлүнүп калуу... Али мен, ишенесизби, азыр да жалаң бут жүргөндү жакшы көрөм. Жылаңаяк бассаң кандай жыргал! Тууган жериңдин ыссык табы таманыңдан уруп турса... Көрсө жаш адамдын жер менен байланышы болмоюн, жердин ысык табы жан-тениңди магдырата жыргатмайын, жигер отуңда ыйык сезим жанбай кайдыгер тартып барат окшойт.

Бул менин жекече пикирим, бирөөлөргө таңуулагым келбейт. Эгер бирөө жарым жүрөк отун, ыйман отун кайдан алдыңыз деп сурап калса, ойлонбой туруп тууган жеримдин ысык турпагынан алдым дээр элем. Буга сиз күлбөң, балким, эр жигиттин тууруна кайтып келүүсүнүн күчү да шундадыр.

Жалпы аталышынан Манас дегенибиз менен бул ташка баткан элес Жахангир түрк баатырларынын бири-бирине жууру-лушкан көйкашка каблан сүрү. Мага Манас баатырлыктын кайнап чыккан соолубас өстөнүндөй туюлат.

Майли, Эр Манастын Баткенге тийиштиги барбы, жокпу аны иликтеп-изилдегендер кийин чыкса-чыгып атар. Бирок, менин ичи тар, чолок ой айрым тарыхчы сөрөйлөргө көкүрөктөгү көк түтүндүү күйгөн кебим бул. Кыргызды кыпчакка жуутпай, өзүбүздү али Алтайга, али туруп Кытайга апарып жүрүп не болдук? Кыйыры жок кыпчак талааларын жокко чыгарып, Сыр-Дарыяңын жээгиндеги орошон маданияты гүлдөгөн Отрар шаарынан, теңдеши жок маданий эстеликтеринен кур калып олтурабыз.

Мезгилинде ак шаар Отрардын кутбуканасы (китепканасы) Александриядан кийинки эле орунда турган. (Ишенбесеңиз жакында кайрадан басылган Олжас Сулейменовдун «Аз и Я» сын окуң эле).

Азыр ошо Отрар китепканасынын китептери Монголияда, Чынгызхан 1218-жылы тыптыйпыл талкалангандан кийин ташылып кетилген. Жалын жүрөк талаа жоокерлеринен да чыгыштын илим жана маданиятын гүлдөткөн окумуштуулар, илимпоздор, ойчулдар чыккан. Жок дегенде ошолордун атын билебизби десеңиз? Алсак Искак ал-Отрари, Исмаил ал-Жеухари, Жемал ал-Туркистани, ал-Сыгнаки, ал-Кыпчаки ж. б.

Ал эми көзүнүн тирүү кезинде Аристотелден кийинки

адамзаттын экинчи окумуштуусу деп аталган Абу Насра Мухаммеда Ибн Мухаммедда Ибн Тархана ибн Узлак ал-Фарабичи (870—950 ж.ж). Орто кылымда дүйнөдө ага теңдеш ойчул болгон эмес деп жазат («Аз и Я» китебинде «кыпчактар» бөлүмүндө). Болбосо казактар, өзбектерге эмне, тегиби, теги эмеспи баасы жок маданий эстеликтерге урмат менен мамиле кылышат. Ошону кайсы жол менен болсо да жазып олтурушуп өзүлөрүнүкү кылып алышат. Мына, алыс барбай эле казак жазуучусу Анвар Алимжанов ал-Фараби жөнүндө «Устаттын кайтып келиши» деген романын жазып таштады. Албетте кимдин кудирети жетсе ким болсо да жазсын, ал дүйнөлүк маданияттын казнасы. Бирок, бу жерде күйүп бышып ким жүгүрсө эле шонуку болуп атпайбы. Болбосо жаза турган кыргыз туруп, кыргыздын теги кыпчак, булардын түпкүлүгү хунн (гунн) туруп неге өзүбүздү-өзүбүз кодулайбыз деймин да. Акыр түбү экстремисстердин чырагына май тамызып Алтайдан келген болуп олтурабыз го. Мен ушу сухбаттан, Эр Манастын айкелинин Баткен чөлкөмүнө келгендигине байланыштырып айтаар элем, жок, туугандар, биздин ата-бабаларыбыздын башталышы гунндар (хунн) гуздар биздин эрага чейин сак, скиф аталып түпкүлүгүбүз ушу Кара-Тоо, Ак-Тоо, Бужун бепаяны болуп, тарыхый табылгалар, эстеликтер, жер, суу аттары ошо доордон, кылымдардан кабар берип турат.

Сак — байыркы унутулган тилибизде куштун канаты деген мааниде экен. Эзелкибизде паранда куштардын парин көрк үчүн жарык калпактарына тагынышкан. Азыр бизде акыркысы болуп артис кыздарыбыз сахнанын көркү үчүн кийип калышты. Бул биздин тегибизден калган адат, өзүнөн-өзү эле чыга калган жери жок да. Мындан келди кандай эл болбосун заманына жараша тили да, үрп-адаты да, салт-санаасы да кылымдар бүктөмүндө түлөп түсүн өзгөртүп барат окшойт.

Мына, Баткен аймагынын түштүк тарабында байыркы Кара-Булак гөрүстөнүнүн батыш, түштүгүндө тоонун башында Кык деген жайлоо бар. Көрбөйсүзбү биздин түпкү тегибиз Кех десе, келип-келип тыбыштык жагынан кыпчак-кыргыздарга «кык» болуп өзгөрүп жетти. Эми ошо «кех» сак тилинде сепил деген маанини түшүндүрөт экен. Көрсө туш тарабы курчалган жоо өтө алгыс ордо болгондугун биз эмес «ЮНЕСКО» нун адамдары келип баатырлар коюлган мүрзөлөргө чейин аныктап отурушпайбы. Балким Искандар Зулкарнайындын аскерлери менен болгон айыгышкан салгы-

лаштарда курман болгон эр-азаматтардын бийик жерге коюлган коор жайларыдыр. Али тарыхта сактардын аялдары Македондун аскерлери менен баатырларча салгылашкандыгы айтылат. Балким Эр Сайкалга окшогон кыз-келиндер ушу аймак үчүн кандарын төккөндүр. Айтор, казанда болсо чөмүчкө илинет дегендей жок нерсени эле көбүртүп-жабыртып алып алыска кача бербей, мана жок эмес казанда, өзүбүздө турат. Ушуну да ондой, мындай деп оозубуздан алдырып жибербегей элек дегеним. Колдон келсе Чыңгышхандын Отрардан ташып кеткен китептерибизди кайырып келсек кана. Биздин тарыйка тагдырыбыз ошолордо жатат. Анан дагы бул «Манас» айкелинин айастан жерге келиши көп максаттуу иштер менен байланыштуу. Буга шашылыштын кереги жок. Себеби түбөлүктүү нээрсе жаралганы атат.

Азыр ачык асман астында байыркы элдин беш миң жылдык маданиятын чагылдырган этнографиялык музейге ылайыкташтырылган 120 га жерди чежире чеги белгиленип ишке киришилип атканы кимди кайдыгер калтырсын. Уюткулуу журттун урпактары колдонгон турмуштук буюмтеримдерден тартып ошо мезгилдердин алдыңкы прогресси болуп келген тегирмен, ак жубаз, май жубаз, чаркпалекке окшогон адам баласынын табылгалары, коло кылымдын эстеликтери, орто кылымдын кен иштетүү маданияты (Самаркандектеги Кани-Гун-гунндардын жер астында нан иштетүү табылгалары) түпкүрдө калган жашоосун кайрадан улантмакчы.

Ал эми биздин заманга чейинки, бардык замандан берки тарыхый эстеликтер эл, жерин, мекенин асырап баккан айкөл баатырдыкка негизделип атканын көрүп турбайбызбы, кудайым өзү Манас төрөлгөндө эле ушу бийиктикти инаам кылып, «багыңды тегиңдин теги таз-кыпчактын тукуму Садык уулу Тургунбай ачсын» деп маңдайына жазып койгондой эле көрүнүп турат.

— Гыламидин Абдрахман, сиз өзү математика мугалимисиз. Маданият ишине кокусунан келип калдыңыз, насиби көтөрүлсө эртеңки өкмөттүк кызматкер деп көлөкогө тон пышкандар алдын ала эле айтып жүрүшкөн болчу. Көрсө сиздин ар тарап-туулугуңузду, баарынан да эл, жер тарыхына баш отуңуз менен кирип, үйрөнүп жүргөн мынчалыгыңызды билбейт экенбиз. Балким, Баткен жөнүндө кабар-каты жок, бир дагы жолу түшпөй алыстан эле молло-молжол менен жазып атышкан айрым тарыхчыларга математикалык тактык менен жооп берип жүрбөң?

— Туура, математикалык тактык мурдатан эле тарыхыбызга да колдонулганда мынчалык бурмалоолор болбос беле? Ким билет үмүт да. Карабайсызбы, тарых тарыйкасы биздин күндөр-дө гана кайрадан жазылууга, акыйкаттуу жазылууга муктаж болуп турат. Себеби эч бир коомго, көз карашка баш ийбеген тарыхты да жеке элдин кызыкчылыгы үчүн, улуу державасын көтөрүү үчүн саясаттын амирине чөгөлөтүп койдук. Жаманыбызды жашырдык, жакшыбызды ашырдык, болбогонду болтурдук.

Мына алыс барбай өзүбүздүн эле Кыргыз Республикасынын тарыхын алып көрөлү. Муну кайрадан иштеп чыгууга туура келип атат. Бирок ушунан улам суроо туулат, азыркы талапка ылайык келе турган чыныгы тарых чындыктын жазууга мурда-гадай эле мамиле кылуу керекпи? Акыры бул тарых го. Мынча эле аны өз оюна койбой ар кимибиз өз кызыкчылыгыбыз үчүн али ойго, али тоого тарткылайбыз. Мындан мен нени айтмакчымын. Манастын улус тегин биз канчалык жаап жашырбадык. Майли, тансак таналы, кыпчак тилин жокко чыгаралы, тарых илиминин доктору Өмүркүл Караев божомолдогондой Манас мекендеген Кара-Тоодогу Кара-Кыштакты Талас өрөөнүнө жайгаштыралы. Мындай бир кудайга карап иш кылалычы. 16-кылымга чейин бепаян жер «Дешти-Кыпчак» аталып Орто Ыртыштан тартып жунгар тоолоруна, ар жагы Балкан жарым аралына чейин жеткен көчмөн кимак-кыпчактарды каякка жашырабыз. 16-кылымда чыккан Комана-немецтик сөздүк-түн бар экендигин, сөздүн ачыгы билгибиз да келбейт. Бул үчүн түшүнсөк эң кечиримсиз маданий жоготуубуз (Европалыктар кыпчактарды командар деп аташкан). Мына энди айланып тарых өзүнүн нугуна акырындап келаткан сыяктанат. Бар нерсени жок дешибиз өзүбүзгө эле зыян турбайбы. Акырындап Манас изилдөөчү окумуштуулардын, жазуучулардын (Г. Абдрахунов, О. Караев, С. Закиров, О. Айтымбетов) айткандарында кыпчактар аз-аздап учурап атат. Бирок дагы эле аз. Зор чөлкөмдү ээлеп, гүлдөгөн шаарлары Отрар, Сыгнак болуп Чынгышкандын жортуулуна чейин эле эл атанып келсе, азыр кыргыздын бир уруусу болуп олтурат. Биздин мындай көз карашыбыз тарыхый акыйкатчылык эмес да. Улуттук сыймык, улуттук намыс дегенибиз менен кыргыздардын теги кыпчактарга, кыпчактардын теги Сактарга барып байланышарын жокко чыгарганыбыз менен биздин тарыхтын пайдубалы түптөлбөй жатпайбы.

Мына, биз Алтайдан келгенбиз дедик, башка дедик бир

далилибиз жаратылуу жоктугунан божомол менен дагы эле бир бүтүмгө келалбай жатабыз. А ошо кыргызымды изилдеген тарыхчыларга, санжырачыларга даяр далил биздин заманга чейинки IV—II-кылымдардын күбөсү ата тегибиз жаткан Кара-Булак гөрүстөнү турбайбы. Мындай тарыхый белгилер Алайдан тартып Кара-Тоого чейинки бепаянда созулуп жатат. Жер байырлаган ошол Кара-Булак айылынын жашоочуларын эле мындай тарыхый далилге тартып көрсөң кыпчактардын торайгыр уруусу шу күндөрү да жашашууда. Филология илимдеринин улукматы (кандидаты) Абдрахуновдун далилдөөсүндө да Манас кыпчактардын торайгыр уруусунан экендиги айтылат. (Ала-Тоо 1988, №9). Ал тургай Олжобайдын ушу уруудан экендиги төгүнбү (С. Закиров «кыргыз санжырасы»). Бул жерде мен тарыхчыларга неге доомат койгум келип атат. Себеби өзүбүздө турса, өзгөдөн издегендерине таңмын. Анткени Баткен аймагынын беш миң жылдыкты ичине камтыган тарыхый эстеликтери, маданияты, салт-санаасы, үрп-адаты али купия сырын ача элек. Бул жерде биздин тегибиз сактар, же Манастын тукумдары кыпчактар өмүр кечирип анын улантуучулары биз кыргыз-кыпчактар жашап жатабыз. Азыр деле Баткендик кыргыздардын ата кебинде мындай сөз сакталып калган: «А кыргыз келди». Көрсө сактардын кол башчыларын башка элдер «кыргез, деп аташкан, кыргыз келдинин мааниси шонон калган дешет. Же Сапарбек Закировдун «кыргыз санжырасындагы» улустун улуу күнү деген далилинде да тастыкталат эмеспи. Мындан келди түпкүлүктүү элде кыргыздар үчүн көп жакшы табылгалар жазылбай-сызылбай өтүп кетишкен турбайбы.

— Демек сиздин далилиңизде Манас Кара-Тоолук кыпчактардын торайгыр уруусунан деген божомолго апкеп таштадыңыз. Буга дагы айкыныраак далилиңиз барбы?

— Сагынбай Орозбаковдун вариантында калмактын ханы Алооке, Коңурбайдын атасы ушу Анжиянда турган. Же тагыраак болсун десеңиз Манастын экинчи томдугунда мындай деген жери бар:

«Ажыдаар кетти жайына,  
Аттуу киши көрүнгүс.  
Сойлоп кеткен сайына.  
Сойлогон жери коо болду,  
Барганы Соктун тоо болду,  
Тоого барып жоголду.  
Ажыдаар сокту деп,  
Сок атагы шо болду (175-бет)

Төгүн десеңиз түпкүрдө үрөй учура аккан конондуу Сок дайрасын өрдөп Баткендин заңгел беттүү Дарасына барган чыгарсыз. Палал-Оздон, Дөңмөн, Кала-Мамыт, анан Ормузан ашуусу жатат. Ашуута беткей келгенде Эр Манастын кылычынан ажал тапкан Алооке хандын ажыдаарынын башы кыйа чабылган «Ажыдаар ташты» көрөсүз. Же Анжиян менен Кара-Тоо андан ары Бухара багытын алып көрөлүчү, бирдей мердияндагы чөлкөмдүү байыркы жерлер. Анан калса Созок районундагы «Пахтачы» гезитинин 7-декабрь, 1989-жылкы санында, ошол эле материал «Кыргызстан маданиятынын жумалыгында» да жарык көрдү.

«Курманбек баатырдын бейити» же Кош-Аңдагы дөңсөө жөнүндө. Ошондо Өмүралы уулу Ады аксакалдын айтымында мындай деген жери бар. «Курманбек баатырдын туулган жери тиги Баткен тарап. Атасы Тейитбек хан ошо Баткен тарапты бийлеп турган. Курманбек эр жеткенде кыргыз журтчулугун, душмандардан коргоп, сүрүп чыгарып отуруп, Фергана өрөөнү, Ош, Кара-Суу Созокту ээлеп бийлик жүргүзүп турган. Демек Манастан тартып эле Анжиян тарап калмактын уюлгуган уйугу болуп Курманбек баатырга чейин эле сүргүлөшкөн жоогерчилик замандарды баштан кечирип келишкен турбайбы дейсиң. Эр Манастын азыркы айкелдик турушу да ошо байыркы замандын кайтарымындай таризде курулууда. Караң эле Кара-Тоодон Анжиян багытына учуп бараткан Акула элестейт.»

— Жакшы, бул ачык асман астындагы жумурай чөлкөмдүк ажайыпканасынын алгылыктуу ишинин алгачкысы. Ушу кыргыз элинин баатырдыгын жалпылаштырган айкөл Манастан башталыптыр. Баамымда Тургунбай абам баш болгон, жалпы эле Баткендик атуул-кыраандардын ышкы-ыкласы ушул орошон ишке бурулуп, көрөңгөлүү көйгөйдү баштан кечирип жатат окшойсуздар.

— Кантесиң анан, максаттуу ишке башыңды байлаганындай кийин, өтөөсүнөн чыгуу керек. Зарыга жортсоң, кызара бөртөсүң дегендей... ишибиз да чоң, үмүт-максатыбыз да анан кем калышпайт.

Мына, II метр бийиктиктеги нукура дөңдүн үстүнө 13 метрлик айкелдин түп канаты көтөрүлүүдө. Байкап тургандырсыз кылдат иштин татаалдыгын. Бирок, кандай болбосун аткарыш керек. Ансыз биз тарыхый тагдырыбыздын көбүн жого- туп алчудайбыз. Менин түшүнүгүмдө кыргызбы, кыпчакпы, сакпызбы байыркылыгыбыз ушу тарыхый эстеликтери бар таш доорунун, коло кылымдын, орто кылымдын

белгилери сакталган эзелки жерибиз чакырып атткансыйт. Себеби биздин тегибиз, түпкүлүгүбүз ушу Баткен аймагынан башталат.

— Сизге аталган акыркы соболум.

— Куруучулар менен тааныштырып кетсеңиз?

— Башкы архитектор аткаруучу катары Эрматов Абдрахман азыр өзүнүн көйгөйлүү көчү менен ушу жерде. Ал эми айкел аткаруучу катары Жусубалиев Ислам дайындалып, анын жардамчылары Чуйковдун айкел бөлүмүн бүтүргөн Мансуров Абдыкаллак, Ботогозуев Абдрасул бекитилген. Тургунбай абамдын өнөрканасында даярдалган калыптардын келиши биз үчүн канчалык кыйынчылыкка турбады. Баары бир элдин назары түшкөн иштин кадамы да ишенимдүү болот турбайбы. Анткеним атуулдук парз ушундай элдик иштерде дайыма көмөктөш, тилекгештигин көрсөтүп тургандар Тургунбай абам элестеткен нака кыргыз турмушун салтанаттаган экспонаттардын бул жерде жашап калышы кыялдагы нерсе эмес. Кыргыз журтчулугун дүңгүрөткөн, көп көздү сүйүнткөн арзуу жайларга айланары эрте эле. Анан дагы бул ишти Баткен райондук маданият бөлүмү жетектегени менен, жакындан жардамын аябаган районубуздун мекеме-ишканаларын айтып койгонубуз жакшы болор деймин. Алсак ДЭУ-2, жетекчиси Сафаров Камал, Төрт-Күл Т. М. К. С. сы жетекчиси Айкынов Жума, «Москва» колхозу, раиси Юнусов Митал, Кызыл-Бел мамлекеттик адистештирилген чарбасы Турмаматов Курсан. Ошондой эле курулуш иштерине коңшулаш Тажик Республикасынын Исфара районунун кээ бир мекеме-ишканалары материалдык жактан жардамдарын аяшкан жок. Ошолорго ушу сухбаттан пайдаланып кыргыз элинин кыйырын-ан берки соопчулукту багыштап койсок. Ынтымакчылыктын кербени жылаажын коңгуроосун шыңгыратып азыр да келатат. Ону биз кучак жайып күткөнүбүз күткөн.

— Куруп берген майегиңиз үчүн, ырахмат!

Бүткөндөн бүтпөгөн иштер, жазылгандан жазылбаган тарыйкалар али көп турбайбы. Эмне демекчи элем, ишиңизге ийгилик! Ылайым эле жакшылыктуу күндөрдө сиздер аяр тутунган кайталангыс асылдыктар менен ар дайым жолугушуп туралы. Бар болун, бурадар!

# «Манас» анын сөөгү Кара-Тоодобу?

**жекырк чоронун бейити жөнүндө.**



# «МАНАС» СӨӨГҮ КАРА-ТООДОБУ?
## же анын кырк чоросунун бейити

Кытайлык кыргыз Жусуп Мамай өзүнүн «Манастын 1000 жылдыгын өткөрүүгө карата айткан пикиринде Манастын сөөгү Таласка эмес, ичкилик кыргыздардын Кара-Тоосуна коюлгандыгын сөз кылбаганда, балким бул табышмактуу сырдын түйүнү чечилбей кала берет беле». Али ичкилик кыргыздардын «аккан арыкка качандыр бир кезде кайрадан суу агат» деген философиялык кебиндеги тан бере турган ишеним кайрадан Баткен жергесине келгенсиди. Муну мен атактуу айкелчи Тургунбай Садык уулунун колунан жаралган «Манастын Кара-Тоого коюлган эстелигинен» көрсөм, экинчиси биз менен такыр байланышы жок туруп «Манас баатырдын асыл-сөөгү ичкилик кыргыз-дардын Кара-Тоосуна коюлган» деп айткан Жусуп Мамайдын кеби болду.

Бекеринен акын агабыз Кубанычбек Маликов 1974-жылы Баткен жерине келгенде «Байыркы бабаларымдын жерине, Манас баатырдын элине келдим» дебейт да. Себебин ал киши «Манас» эпосун изилдеген окумуштуу, адабиятчы акындарыбыздын бири болчу. Мына ошо кептин тегерегүндө акын агабыздын өзүнүн түпкү теги ушу Баткендик кыпчактардан экендигин «Мурас» журналынын 1991-жылкы №4 санында «Кыпчактар ааламында» деген тарыхый макаламда сөз кылган болчумун. Демек, «Байыркы бабалар жергесинде» катылып жаткан зор тарыхый сыр бүгүн бышып жетилгенби, мен да кытайлык кыргыз Жусуп Мамай аксакалдын жогорудагы чындыгына өзүмдүн далилдүү изилдөөлөрүмдү кошкум келип отурат. Албетте, кытайлык манасчы жок жеринен минтип айтпайт да, ал кишинин чындыкка таянган жери бар.

Мен бул жерде тарыхый өтмүшүбүзгө кайрылбай эле коёюн; анткени Баткен жерин жердеген макалам «Кыпчактар» деген ат менен биринчи бөлүмү «Кыргыз руху» гезитине (1992 ж. 24, Ш) жарыяланган болчу. Демек тарых арсеналында 300 жыл жашаган гунндардын жери Баткен чөлкөмү экендигине эч кимдин талашы болушу мүмкүн эмес.

Буга мен качан болсо жооп берүүгө даярмын. Минткенимдин да жөнү бар. Себеби Манас баатырдын окуялары биздин заманга чейинки гунндардын дооруна барып такалат эмеспи. Ошондуктан Манастын 1000 жылдыгына дегенибиз тарыхый изилдөөлөргө дал келбей тарыхчыларыбыздын нараазы болуп айтканы ошондон. Буга тарых менен тааныш-

тыгы бар адамдардын көбү макул эмес. Көрүнүп тургандай Манас баатырдын 2000 жылдыгы жана ал жөнүндөгү эпостун эл оозуна айтылып келгендигин 1000 жылдыгы деген тарыхый изилдөө-иликтөө иштериндеги чындыкка кошулар элем.

Демек, Манас баатырдын 1000 жылдыгы өткөнү аткандан кийин ким болбосун эң оболу анын түпкү тегин сурайт. Кайсы жерден экендигин билгиси келет. Балким жашырып жүрүп орус туугандарга окшоп «Игордун кошуну жөнүндөгү сөз» деген поэманын кимге таандык экендигин кылымдар бою улуу орус элиники деп бекитип келиши акырында кыпчак ханынын Баян деген ырчы уулунун эмгеги болуп, күйгөн сүрөтү менен кошо табылгандай болуп жүрбөйлү дегеним. Муну кыпчактар эмес орус тарыхчысы КГБнын архивинин падышалык Россия жандар-мериясына таандык бөлүгүнөн ырдын чыныгы автордун өзүн күйгөн сүрөтү менен далилдеп 1992-жыл, 21-март Нооруз күнү Москва теледидарынан, «кылым сенсациясы» деп жар салды го.

Анан неге биз Манас баатырдын тегин жашырабыз? Аны биз канчалык бекиткенибиз менен кылымдарды карыткан «Маджибу ат таварикте» Манастын жана анын кырк чоросунун теги кыркыркандык кыпчактардан экендиги айтылган го. Мына ошо кыркыркан баткендик аксакалдардын айтымына караганда азыркы Памир, Алай тоолорун илгери Кыркыркан тоолору деп аталып келгенин ырасташат. Аны болсо жоромолчу-тарыхчы Орозбек Айтымбет Каркыра тоолоруна апарып олтурбайбы. Буга мен көп далилдер менен кайрылсам болор эле, бирок, мындай чакан макалада айтып олтуруу кыйын, кези келгенде сөз кыларбыз.

Мына эми ошо Жусуп Мамай аксакалдын айтымындагы ичкиликтердин (исседондордун, б. з. ч. гректердин атаганы) Кара-Тоосу каерде? Ага байланышкан Манас баатырдын душман- дардан жашырып коюлган бейити чын эле ушу Кыркыркан кыпчактарынын урпактары жашаган. Баткен чөлкөмүнүн түштүгүн-өн созулуп, батышка Сыр дарыяны бойлоп кеткен Кара-Тоого коюлганбы? Али баткендик кыпчактарда мына мындай ыр бекеринен айтылбаптыр:

«Кара-Тоо, Ак-Тоо арасы,
Кан кыпчактын талаасы.
Тууруну издеп келиптир,
Кан Жакыптын баласы».
(Саадат)

Демек, ары барсак да, бери келсек да Манас баатырдын түпкүлүгү ушу гунндар мекендеген Даван падышачылыгына таандык экендиги тарыхый эмгектерде да, ал тургай манасчы Сагынбай Орозбаковдун вариантында да өтө көп кездешет. Манас баатырга кайыбынан берген кырк жигиттин (кырк чилтен делинет) мазары «зарыл ишиң болбосо Зардалиге барбагын, кокус ишиң болбосо Кожашканга барбагын» деген кепти уккан белеңиз? Мына ошо адам барууга ушунчалык татаал жолду Кара-Тоонун койнунда Зардали, андан нары Коргон деген айылдар бар. Ошо Коргон айылынын аты эле айтып тургандай күн чыгыш, күн батышынан улуу дайралар агып кошулган, түштүк жагын адам чыгалгыс тоо тосуп, ат чабымдай тегиздикте айыл жайгашкан. Ошо айылда кырк чилтен мазары бар. Эл аны Манастын кырк жигити ушу жерге душмандардан жашырылып коюлган дешет. Чынында эле томпойгон бейити жок, жалгыз гана кырк чилтен гүлсөвгари гүлдөп турат.

Көрсө Бакай бабабыз баатырлардын сөөгү кордолбосун деп белги койдурбай түмөндөгөн аттарды айдаттырган экен. Коргон айылынын тептегиз болуп калганы ошондон деп ушу күндөрдө да «ыйык жер» деп кастарлашат.

Көрдүңүзбү, жогортогу Жусуп Мамай аксакалдын чындыгынын бир учугу ушу Кара-Тоонун адам даап баралгыс койнунан табылып олтурат. Бул бири-бирибизди көрбөй туруп айткан далилибиздин төп келиши. Балким Жусуп Мамай аксакалдын айтымында эртедир, кечтир дүйнөгө дүң эткен «кылым сенсациясы» күтүп тургандыр.

Мурда Манастын күмбөзү Таласта деп, элдин көргөн билгендерин өздөрүнүн оюнан чыгарып алгандары деп көңүл бөлчү эмеспиз, мына эми ошо тарых күбөсү болгон адамдардын көзү өтүп, айткан сөздөрү гана калды. Болбосо ошо Зардалылык атактуу Тагай мерген азыр арабызда болсо кана. «Эй, менин көзүмдүн тирүүсүндө, ал-кубатым барында Манас бабабыздын бейитин көрүп калгыла. Кийинки урпактарга айта жүргөнүңөргө жакшы. Менин он алты атам мерген өтүшүптүр, атадан балага көрсөтүп келишиптир. Ал эми ошолордун керээзин аткаралбай калат окшоймун» деп кейип калчу экен. (Ал мергендин оозунан уккан Зиябидинов Абдилашимден жазып алынды). О, бул кайсы Манастын бейити? Айкөл Манастыкы Таласта эмес беле? Анан кантип?.. Жок, так эле ошо Эр Манастын чыныгы бейитин көргөн, атадан, балага мурас катары кастарлап көрсөтүп, келген адамдардын акыркы мууну арабыздан кече жакында эле өтүптүр. Ал кишинин айтымында Манас баатырдын сөөгү ошо кырк

жигиттин мазарынан жогору өрдөп кеткен Кара-Тигин ашуусунун бери тескей жагындагы адам даап баралгыс жеринде экендигин айтып, айрым санаалаш адамдарына турнабайы менен көрсөтүп, «ошо Манас бабабыздын бейити», узундугу менин арымыма 12 кадам чыгат дечү экен. Айтор, издеген жооп табат дегендей Тагай мергендин жакын адамын да издеп таптык. Ал киши Зардали айылында жашаган 68 жаштагы Көлчүбаев Аллаберди аксакал болуп чыкты. Көрсө Тагай Мерген Манастын күмбөзү урпактарыбызга белгисиз болуп калбасын деп ушу кишиге көрсөтүп кеткен экен. Изилдөө иши менен барган Зиябидинов Абдилашимге «Өлбөсөм жаз келгенде, ашуудан кар кеткенде көрсөтүп берем» дептир. Ылайым эле өлбөй көп жашаң Аллаберди аке! Сиз кастарлап келген Манас бабабыздын 1000 жылдык мааракесин көрүң!

Демек, баатырдын сөөгү өлгөндөн кийин кордолбосун деген асыл идеянын бүтүмүн биз тарых инсандарынан деле көрүп келатпайбызбы. Мисалы Чыңгызхандын кайсы жерге коюлгандыгын ким билет? Көрөгөн Темирдин сөөгү табылбасын деп үстүнө башка адамды коюшкан. Мына ушундан эле жаңагы Коргондогу кырк жигиттин бейитинин белгиси коюлбай тегизделип ташталышы келип-келип кайсы бир кылымдардан кийин Чыңгызханда кайталангандыгы тарыхта белгилүү эмеспи. Азыр эми Чыңгызхандын бейитин табабыз деп жапандар археологиялык казуу жүргүзүп жатышат. Менимче, мындай иш адамдын улуулугун тебелеп тепсөө, сөөктү илимге таянып алып маданияттуу кордоо деп түшүнөм. А эгер Манас баатырдын бейити табылып калса мына ушундай кордоого барар белек дегеним. О жок, андайдын жүзүн ары кылсын, ансыз деле орус туугандар бейиттерибиздин баарын (Ушул эле Баткен чөлкөмүндө), казмалап бүтүшпөдүбү. Эми калганына кол тийгизбейли дегеним. Илгертеден ата-бабаларыбыз баатырлардын, хандардын сөөгүн кандай урмат менен жерге жашырып келген болсо, ошо нерсенин ыйык бойдон калганы дурус.

Азыр эми Таластагы кайсы бир хандын кызына тургузулган күмбөздү Манас баатырдын бейити деп жүрөбүз. Жок, туугандар, андай жок нерсеге өзүбүздү жоонтпойлу да Жусуп Мамайдын айткан Кара-Тоодогу чыныгы Манас бабабыздын бейитин издейли. Себеби азыркы акылы жетишкен адамдарды алдай албайсың. Эртең эле 1000 жылдык мааракеге келген дүйнөнүн окумуштууларын, тарыхчыларын, акылмандарын кантип ишендиребиз. Алар дароо эле айтышат

«мындай белгилүү адамдын сөөгү эч качан минтип душман кордоп кетчү, тегиз жерге коюлган эмес» дешет.

Келгиле, андан көрө чыныгы Манастын Кара-Тоодогу бейитин издейли. Ал элдин айтымында, көрүп билгенинде бар экен. Айкөл баатырыбыздын ыйыктыгы, улуулугу, тарыхый инсандыгы ошондо жатат.


Мурзапар Үсөн

**УЛУУ ТАЛААНЫН УРПАКТАРЫ**
тарыхый эссе

**кыргыз тилинде**.

Кыргыз жазуучулар Союзунун көркөм
адабиятты жайылтуу Бюросу

Редактору *Маркабай Ааматов*
Сүрөтчүсү *Рыскан Исаков*
Тех. редактору Ниязалиева. А.
Корректору Маматкожоева. Э.

Терүүгө берилди. 28.04.93. Басууга 12.05.93. кол коюлду. Офсеттик № 1 кагазы. Форматы 84×108 $^1/_{32}$. Көлөмү 1,75 басма табак. Нускасы 5000. Заказ № 1011.
Баасы келишимдик баада.

Кыргыз жазуучулар союзунун көркөм адабиятты жайылтуу Бюросу.
720040. Бишкек шаары, Пушкин көчөсү 70.
Китеп «Мектеп» басмасынын компьютердик борборунда терилди.
Кант шаардык басмаканада басылды.

1с 70т